

# Борбордук Азияда суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу/башкаруу тармагында гендердик факторлорду эсепке алуу

## (негизги багытка айландыруу)

Суу чарба тармагынын кызматкерлерине жардам берүү үчүн практикалык колдонмо

OSCE
Organization for Security and Co-operation in Europe

Бул басылма Финляндия Өкмөтүнүн каржылык колдоосу менен «Аялдар, суу ресурстарын башкаруу жана чыр-чатактарды алдын алуу» долбоорунун экинчи фазасынын алкагында даярдалган.

© 2020 Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ)

Долбоор ЕККУнун гендердик маселелер боюнча бөлүмү менен кызматташтыкта, ЕККУнун Экономикалык жана экологиялык иш-аракеттери боюнча Координаторунун бюросунун жетекчилигинде ишке ашырылып жатат.

**Уюштуруучулук жаатындагы колдоо, долбоорду башкаруу боюнча жардам жана жалпы жетекчилик:**
Сауле Оспанова, Согол Джфарзаде, Джулия Секи жана Абдулваххоби Муминджониён

**Материалдарды даярдоо жана изилдөө иштери:**
Хуана Вера Делгадо жана Нозила Мухамедова

**Орус тилине которгон:**
Марина Денисова

**Редактор:**
Джефф Хьюз, «Зой» экологиялык тармагы

**Дизайн жана компьютердик макет:**
Каролин Даниэль, «Зой» экологиялык тармагы

Бул жерде айтылган пикирлер сөзсүз түрдө ЕККУнун расмий көз карашын чагылдырбайт.
Бул басылмада колдонулган белгилер жана сунушталган материалдар уюмдун кайсы бир өлкөнүн, аймактын, шаардын же региондун же алардын бийлик органдарынын укуктук статусуна карата, же алардын чек араларынын делимитациясына карата кандайдыр бир пикирин билдирбейт.

Бул басылманын алгачкы варианты 2019-жылдын ноябрь айында Өзбекстанда тренерлерди даярдоо боюнча семинардын катышуучуларына тартууланды; Борбордук Азиядан келген катышуучулардын тажрыйбасы жана идеялары бул жыйынтыктоочу докладды даярдоо колдонулган. Биз ЕККУнун Өзбекстандагы долбоорлорунун Координаторунун бюросуна аталган иш чараны өткөргөндүгү үчүн ыраазычылык билдиребиз.

Бул басылманы даярдоого катышкан ЕККУнун Экономикалык жана экологиялык иш-аракеттери боюнча Координаторунун бюросундагы, ЕККУнун Гендердик маселелер боюнча бөлүмүндөгү, ЕККУнун Башкы катчысынын информациялык жана массалык маалымат каражаттары менен байланыш бөлүмүндөгү, ЕККУнун Конфликттердин алдын алуу боюнча Борбордук Азия бөлүмүндөгү, ЕККУнун Өзбекстандагы долбоорлорунун координаторунун офисиндеги жана Финляндиядагы ЕККУнун делегациясындагы кесиптештерге  ыраазычылык билдиребиз.

# Мазмуну

**Кириш сөз ........................................................................................ 4**

Гендердик маселелер жана адам укуктары ..............................................................................5
Гендердик факторлорду/ тең салмактуулукту негизги багытка айландыруунун негиздемеси 6
Гендердик маселелер жана айлана-чөйрө ..............................................................................6
Борбордук Азияда суу ресурстарын пайдалануу/башкаруу жана гендердик факторлор ........7

**Борбордук Азияда суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу ....... 8**

Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу принциптери .......................................................9
Сууну колдонуунун башка жолдору жана климаттын өзгөрүүсү ..............................................11
Трансчекаралык ресурстар ..................................................................................................11
Кеңири катышуунун жана талкуулоонун негизинде суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу ....12

**Уюштуруу маселелери ................................................................. 14**

Потенциалды/Дараметти өнүктүрүү ........................................................................................15
Бюджетти түзүү ......................................................................................................................17
Кадрларды тандоо ..................................................................................................................19

**Уюмдардын ишмердүүлүгүндө гендердик факторлорду эсепке алуу 20**

Жалпы сереп ..........................................................................................................................22
**1-этап.** Уюмдун ишиндеги гендердик аспектилерди талдоо ..................................................23
**2-этап.** Гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча уюмдун милдеттенмелеринин так концепциясын түзүү ..........................................................................................25
**3-этап.** Гендердик маселелер боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу ......................26
**4-этап.** Көрсөткүчтөрдүн топтомун иштеп чыгуу ....................................................................28
**5-этап.** Бюджетти жана отчетту даярдоо системасын түзүү ..................................................30

**Кыскартуулар ............................................................................... 31**

**Колдонулган адабияттар ............................................................ 32**

**Тиркеме: Уюмдун гендердик аспектилерин талдоо боюнча материалдар ........................................................... 33**

# Кириш сөз



Тажикстан
Сугат каналдын жанында турган аял
© Петер ван Агтмаэль/Магнум фотоз

Борбордук Азиядагы беш өлкөнүн, б.а. Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын, Түркмөнстандын жана Өзбекстандын, ошондой эле бүтүндөй региондун алдында турган суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу/башкаруу чөйрөсүндөгү олуттуу көйгөйлөр бар.



Калктын санынын өсүшү жана экономикалык өнүгүү менен катар эле бул өлкөлөрдө сууга карата болгон муктаждык өсүүдө – жалгыз гана ичүүчү жана үй чарбачылык максатында колдонулчу суу үчүн эмес, ошондой эле өнөр жайынын, сугат колдонгон дыйканчылыктын жана гидроэнергетиканын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн да суу талап кылынат. Климаттын өзгөрүшү суу ресурстарынын көлөмүнө таасир тийгизет, натыйжада ал абанын температурасынын жогорулашына, жаан-чачындын жана мөңгүлөрдүн эрүү режиминин бузулушуна дуушарлантат, мунун баары биригип суу ресурстарынын запастарынын же суу жеткиликтүү болгон сезондун кыскарышына алып келиши мүмкүн. Бороон-чапкын, кургакчылык жана аба ырайынын башка экстремалдык кубулуштары суунун запастарынын көлөмүн өзгөртүшү да, суу ресурстарына карата болгон суроо-талапты жогорулатышы да мүмкүн.

Суу ресурстарын пайдаланууну комплекстүү жолдо башкаруу боюнча окуу курстарын уюштуруу, суу пайдалануучулар ассоциацияларына (СПА) жана дарыялардын бассейндик кеңештерине колдоо көрсөтүү, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүн тартуу аркылуу Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ) суу ресурстарын рационалдуу пайдаланууга көмөктөшөт. ЕККУ эл аралык уюмдар, өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана жарандык коом менен шериктештикте иш алып барып, экологиялык проблемаларды жана көп тармактардагы коопсуздукка тиешелүү маселелерди чечүү менен алектенет. Уюм жаратылыш ресурстарын пайдаланууну камсыз кылууга багытталган, айрыкча суу ресурстарын туруктуу негизде айрым өлкөлөрдүн да, ошондой эле бир нече өлкөлөрдүн биргелешип башкаруусуна, табигый кырсыктардын коркунучун кыскартууга, климаттын өзгөрүшү боюнча маселелерди чечүүгө жана коркунучтуу калдыктарды коопсуз жолдо иштетүүгө багытталган долбоорлорго жана иш чараларга колдоо көрсөтөт.

ЕККУ өзүнүн бардык программаларында, ошондой эле уюмга мүчө болгон мамлекеттерге техникалык колдоо көрсөтүүсүндө гендердик факторлорду эске алат. ЕККУ колуңуздагы колдонмону Борбордук Азиядагы суу чарба тармагында иштеген кызматкерлерге жардам берүү үчүн аталган региондогу суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жаатындагы гендердик проблематиканы аныктап, эсепке алуу максатында иштеп чыккан.

Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жаатындагы гендердик факторлорду аныктап, гендердик тең салмактуулукту эсепке алууга басым жасоо стабилдүүлүккө жана коопсуздукка жетишүүгө салым кошот, ошону менен катар эле аткарылып жаткан иш-аракеттердин таасирдүүлүгүн жогорулатууга жана социалдык дисбаланс менен чыңалууну кыскартууга жардам берет. Аялдар менен эркектер сууну кантип колдонууну бирдей даражада чечүүгө тартылса, кабыл алынган чечимдер конкреттүү топтордун керектөө талабын канааттандырууга жана бүткүл калктын муктаждыктарын эске алууга көбүрөөк багытталат.

## Гендердик маселелер жана адам укуктары

Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын (АУЖКБ) документтеринде «гендердик теңчилик адам укуктарынын жана БУУнун баалуулуктарынын өзөгүн түзө тургандыгы көрсөтүлгөн, ал эми 1945-жылы дүйнөлүк лидерлер тарабынан кабыл алынган БУУнун Уставынын негизги принциби «эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу» экендиги жана бардык мамлекеттер аялдардын укуктарын коргоо жана кеңейтүү үчүн жоопкерчилик»[1] тарта тургандыгы белгиленген. Бириккен Улуттар Уюмунун Экономикалык жана социалдык кеңеши гендердик факторлорду эсепке алууну аял менен эркектин бирдей даражадагы жыргалчылыгын камсыздоону жана түпкү максаты катары аялдар менен эркектердин ортосундагы мамилелердин теңчилигине жетишүүнү[2] көздөп, эркектер менен аялдардын муктаждыктарын жана тажрыйбасын саясий, экономикалык жана социалдык саясаттарга жана программаларга киргизип, интеграциялоо ыкмасы катары карайт.

«БУУ Аялдар» – Бириккен Улуттар Уюмунун аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери менен алектенген структурасы – ал ушул идеяга таянып иш алып барат да, анын маанисин түшүндүрөт.

Негизинен эркектер менен аялдардын ортосундагы теңчиликтин өзү - өнүгүү чөйрөсүнүн бардыгын ичине камтуучу жана узак мөөнөттүк максаты, ал эми адамдын жынысына тийиштүү болгон маселелерди эсепке алуу гендердик теңчиликти орнотуу максатына жетүү үчүн арналган конкреттүү, стратегиялык перспективага багытталган ыкмалардын, ошондой эле техникалык, уюштуруу жана административдик процесстердин комплексин чагылдырат. Адамдын жынысына тийиштүү болгон аспектилерин карап, эсепке алуу өлкө деңгээлинде мамлекеттик жана жеке уюмдардын ишмердүүлүгүндө, борбордук жана жергиликтүү программаларында, ошондой эле тиешелүү кызматтардын жана тармактык программалардын иш чараларында эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу боюнча суроолордун киргизилишин камсыз кылат. Келечекте анын узак мөөнөттүү перспективалык максаты - коомдук институттарды, мекемелерди, закондорду, ошондой эле аялдардын менчикке карата укуктарга жетүүсүн же коомдук объекттерди пайдалануу мүмкүнчүлүгүн чектөө сыяктуу дискриминациялоочу мүнөзгө ээ болгон маданий нормаларды жана жергиликтүү үрп-адаттарды[3] өзгөртүү.

Гендердик факторлорду эсепке алуу (негизги багытка айландыруу) Бириккен Улуттар Уюмунун системасы жана эл аралык коомчулук тарабынан аялдардын жана кыздардын укуктарын камсыз кылууга багытталган иш ыкма катары тандалып алынган, ал Бириккен Улуттар Уюму аткарылышын көздөгөн адам укуктары жөнүндөгү кеңири түшүнүктүн бир бөлүгү болуп саналат. Эркек менен аялдын теңдиги – бул көздөлгөн максат, ал эми гендердик факторлорду/ гендердик тең салмактуулукту негизги багытка айландыруу – бул процесс.[4]

[1] OHCHR, Women's Human Rights and Gender Equality

[2] UN Women, Guidance Note: Gender Mainstreaming in Development Programming (New York, 2014)

[3] Жогорку шилтемени кара

[4] UNICEF, Gender Equality: Glossary of Terms and Concepts. (UNICEF Regional Office for South Asia, 2017), 4-бет

## Гендердик факторлорду/ тең салмактуулукту негизги багытка айландыруунун негиздемеси

Практикалык жактан алганда, гендердик факторлорду негизги багытка айландыруу гендердик саясатты иштеп чыгууну жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн түзөт жана долбоорлорду башкарууга жардам берет, себеби мында тиешелүү топторго катышкан бардык адамдардын муктаждыктары эске алынат да, теңсиздиктин кайталанышына/ сакталып калышына жол берилбейт. Негизги гендердик проблемаларды аныктап, эсепке алуу процесси азыркы учурдагы абалды талдоону/ анализдөөнү билдирет, кездешип жаткан теңсиздикти аныктоо, андан соң аларды жок кылуу жана теңсиздиктин пайда болуусун шарттаган механизмдерди жокко чыгаруу жаатындагы чараларды[5] иштеп чыгууну да камтыйт. Мындан тышкары, финансылык жардам көрсөтүүчү эл аралык уюмдар жана башка уюмдар өздөрүнүн күнүмдүк ишмердүүлүгүндө гендердик маселелерге тиешелүү аспекттерди эске алган уюмдарга көбүрөөк колдоо көрсөтүүсү ыктымал.

–

**Гендердик маселелерге карата сокурдук (сабатсыздык)** – белгилүү социалдык, маданий, экономикалык жана саясий жагдайларда аялдарга жана (же) кыздарга жана эркек кишилерге жана (же) балдарга таандык кылынган же таңууланган ролдорду жана милдеттерди таанavailableбоо[6].

+–

Аялдар менен эркектердин ортосундагы мамилеге же теңчиликке тийиштүү көз караштан алып караганда, **гендердик жактан нейтралдуу же бейтарап тилде жазылган** документтер, программалар же жагдайлар эч кандай позитивдүү же терс кесепеттерге алып келбейт[7].

+

**Гендердик сезимталдык мамиледе чагылдырылган программаларда** жана документтерде тиешелүү гендердик нормалар, ролдор жана теңсиздик каралып чыгат да, эске алынат, ошондой эле бул маселелер боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн аракеттер аткарылышы мүмкүн, бирок тиешелүү аракеттер жасалбай калышы да мүмкүн[8].

++

Гендердик факторлорду эсепке алуу менен иштелип чыккан программаларда жана документтерде тиешелүү гендердик нормалар, ролдор жана теңсиздик каралып, эске алынат, ошондой эле аларды жоюу боюнча активдүү чаралар да көрүлөт. Мындай программалар көйгөйлөргө жана маалыматка адамдардын көңүлүн тартуунун алкагынан чыгып, аял менен эркектин ортосундагы теңсиздикти жоюу үчүн чындап эле ар кандай реалдуу кадамдарды жүзөгө ашырат[9].

## Гендердик маселелер жана айлана-чөйрө

Өзүнүн 2016-жылы басылып чыккан «Глобалдык гендердик жана экологиялык перспективасында» Бириккен Улуттар Уюмунун Айлана-чөйрөнү коргоо программасы аялдар менен эркектердин айлана-чөйрөнү ар башкача кабылдай тургандыгына гендердик ролдор кандай таасир бериши мүмкүн экендигин түшүндүрөт.

Социалдык жагдай менен шартталып, калыптанган гендердик ролдор аялдардын жана эркектердин айлана-чөйрөгө карата кылган мамилесинин ортосундагы айырмачылыктарды, ошондой эле алар кантип экологиялык өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчтөрү катары иш аткара аларын (же мындай мүмкүнчүлүктөн ажырап калаарын) түшүндүрөт. Ал тургай, адамдын жынысына карата эмгекти бөлүштүрүүнүн салыштырмалуу жөнөкөй жолу алардын айлана-чөйрөнү кандай кабыл алуусуна таасир тийгизиши мүмкүн. Эгерде ачык деңизде эркектер гана балык улоо менен алектенип, ал эми жээктеги мангр токойлорунда аялдар гана балык кармашса, алар сөзсүз түрдө бири-биринен айырмаланган экологиялык билим менен тажрыйбанын топтомуна ээ болушат. Же болбосо, көпчүлүк эркектер жумушка өз машинасын айдап барса, ал эми аялдардын көпчүлүгү коомдук транспортту колдонсо, алар айлана-чөйрөнү жана андагы жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү ар кандай көз караштa кабыл алышат.

Алардын айлана-чөйрөгө карата болгон абалындагы ар кандай айырмачылык аялдардын жана эркектердин таптакыр башкача экологиялык көйгөйлөргө жана коркунучтарга дуушарланышарын, анын натыйжасында, аялдар менен эркектер экологиялык көйгөйлөрдүн олуттуулугу, ошондой эле зарыл болгон чараларды көрүү, шартка адаптацияланууга жана чечимдерди кабыл алуу жөнүндө таптакыр башкача көз карашка ээ болушарын түшүндүрөт. Мындан тышкары, социалдык гендердик ролдордун калыптанышына байланыштуу аялдар менен эркектердин айлана-чөйрөнү түшүнүү жана аны өзгөртүү жаатындагы мүмкүнчүлүктөрү жана жолдору ар кандай, эреже катары, бирдей эмес болушу ыктымал[10].

5 EIGE, What is gender mainstreaming

6 EIGE, Gender Blindness

7 EIGE, Gender Neutral

8 WHO, Integrating gender into HIV/AIDS programmes in the health sector: Tool to improve responsiveness to women's needs. (WHO press 2009)

9 Жогорку шилтемени кара

10 UNEP, Global gender and Environment Outlook. (UN Environment, 2016), 22-бет

## Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу/башкаруу жана гендердик факторлор

Айрым чектелген ресурстарды колдонууга карата болгон атаандаштык чыр-чатакка алып келүү ыктымалдыгы бар чыңалууну жаратышы мүмкүн. Ал эми суу жергиликтүү, мамлекеттик жана регионалдык деңгээлдерде коопсуздукту жана тынчтыкты камсыз кылуу үчүн чечкиндүү мааниге ээ болгон стратегиялык ресурс катары эсептелет.


ЕККУ суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу тармагында гендердик факторлорду эсепке алууну туруктуулукту жана коопсуздукту камсыз кылууга карата кошулган салым катары карайт, анткени мындай мамиле көрүлгөн чаралардын таасирдүүлүгүн жогорулатууга, ошондой эле социалдык дисбалансты жана чыңалууну басаңдатууга алып келет. Жалпы калктын катышуу принцибинин негизинде сууну пайдалануудагы ачык-айкындуулук жакшыртылат жана коррупциянын деңгээли кыскартылат[11].

«БУУ-Суу ресурстары» уюмунун маалыматына таянсак, «гендердик факторлорду эсепке алуу суу ресурстарын камсыз кылуунун, пайдалануунун жана сактоонун, ошондой эле тиешелүү санитардык-гигиеналык шарттарды түзүү аркылуу калктын саламаттыгын жана адамдардын кадыр-баркын коргоонун маанилүү элементи болуп саналат. Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана талап кылынган санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу жаатындагы аялдардын башкы ролу дүйнөдө, айрыкча өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, өнүктүрүү тармагындагы ишмердүүлүктүн бардык деңгээлдеринде барган сайын кеңири таанылып отурат»[12].

## Борбордук Азияда суу ресурстарын пайдалануу/башкаруу жана гендердик факторлор

Борбордук Азиядагы суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу тармагындагы абал татаал бойдон сакталып турат. Сууга карата болгон суроо-талап калктын санынын көбөйүшүнө жана экономикалык өсүшкө жараша барган сайын өсүп жатат, ал эми суунун запастары жылдын мезгилинен жана керектөөнүн деңгээлинен көз каранды болуп, өзгөрүлүп турат. Экстремалдуу аба ырайынын кубулуштары барган сайын тез-тез кездешип, күч алууда. Трансчекаралык суу булактарын колдонгон мамлекеттер, адатта, айыл чарбачылык жана энергетика жаатындагы кызыкчылыктар кагылышкан жагдайдагыдай эле, суу ресурстары үчүн да атаандаштыкта болушат. Мындайда иш жүзүндө суу пайдалануунун тарыхый калыптанып калган моделдери/үлгүлөрү мындан ары сакталбайт, ал эми гидрологиялык циклдин бузулушу суу ресурстарын керектөөнү пландаштырууну жана башкарууну үзгүлтүккө учуратат. Кездешип жаткан бардык өзгөрүүлөрдүн фонунда, суу ресурстарын пайдалануу атаандаштыгынын ар бир учуруна карата кабыл алынган чечимдердин пропорционалдуу эмес (чендеми боюнча дал келбеген) кесепеттери гендердик факторлорду эсепке алууну талап кылат.

Кеңири катышуунун жана кызматташтыктын негизинде суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу тармактык деңгээлде бир эле мезгилде көп сандагы суу керектөөчүлөрдүн өз ара байланышкан муктаждыктарын канааттандыруу аркылуу гендердик факторлорду эсепке алууга көмөктөшөт. Аялдарды да, эркектерди да бардык деңгээлдердеги чечим кабыл алуу органдарын жетектөөгө жана ошол органдардын ишине катышууга тартуу суу ресурстарын пайдаланууну жана долбоорлордун натыйжалуулугун көтөрүүнү оптималдаштырат, ошондой эле экологиялык, социалдык жана экономикалык туруктуулукка жетишүү ыктымалдыгын пайда кылат.



### Конкреттүү мисал – суу пайдалануучулар ассоциациялары (СПА)

Жылдыз Усманова – Борбордук Азиялык Суу альянсынын гендердик маселелер боюнча эксперти. Ал Кыргызстандын тажрыйбасы менен бөлүшүп, 633 суу пайдалануучулар ассоциацияларынын жарымынан көбүнүн башкаруу кеңештери эркектер менен аялдардын бирдей өкүлчүлүгү аркылуу башкарылаарын билдирди.

«Башкаруу кеңешинин курамы жалгыз гана эркектерден турган болсо, алар үй-бүлөнүн муктаждыктарын дайыма эле эске ала бербейт. Аялдар үй тиричилигиндеги сууга болгон муктаждыктар жөнүндө алда канча көбүрөөк кабардар. Ошону менен катар эле, аялдар суу ташууга көп убакыт жана күч талап кылынбашы үчүн суу түтүгүн орнотууга эң ыңгайлуу жер кайда экенин да билишет»[13].

[11] OSCE, Women, water and security. (Environmental activities, Gender equality, 2015)

[12] UN Water, Gender-disaggregated Data on Water and Sanitation: Expert Group Meeting Report. (UN-Water Decade Programme on Capacity Development, 2009), стр. 4-бет

[13] OSCE, Women, water and security. (Environmental activities, Gender equality, 2015)

# Борбордук Азияда суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу



Казакстан, Жетысай
Жетысайдын сугат талаалары – Казакстанда пахта өстүрүү үчүн абдан маанилүү район
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз

Борбордук Азия өлкөлөрүн жалпыга тиешелүү суу ресурстары жана аларды пайдалануунун жалпы тарыхы бири-бири менен бириктирип турат. Азыркы учурда өлкөлөрдүн жана бүтүндөй региондун алдында турган милдет - сууга карата улам өсүп жаткан суроо-талаптын фонунда бири-бирине атандааштыкта болгон суу керектөөчүлөрдүн ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу.



## Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу принциптери

Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму (ЭКӨУ) суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу тармагынын натыйжалуулугун, таасирдүүлүгүн жогорулатуунун жана ишеним менен өз ара аракеттешүүнү жакшыртуунун 12 принцибин иштеп чыккан.

1. Сууну пайдалануу саясатын иштеп чыгуу, аны жүзөгө ашыруу, ишти оперативдүү жолдо башкаруу жана жөнгө салуу боюнча ролдорду жана жоопкерчиликтерди так бөлүштүрүү жана чек коюп ажыратуу, ошондой эле жооптуу бийлик органдарынын ортосундагы иштерди координациялоого көмөктөшүү.

2. Суу бассейндерин пайдалануу боюнча жергиликтүү шарттарды чагылдырган комплекстүү башкаруу системаларынын алкагында, тиешелүү деңгээлде (деңгээлдерде) суу ресурстарын рационалдуу пайдаланууну ишке ашыруу жана ар кандай деңгээлдеги иштерди координациялоого көмөк көрсөтүү.

3. Секторлор аралык иштерди натыйжалуу жолдо координациялоо аркылуу, айрыкча суу ресурстарын пайдалануу саясаты менен экология, саламаттыкты сактоо, энергетика, айыл чарба, өнөр жай, территориялык пландаштыруу жана жерди пайдалануу жаатындагы саясаттардын ортосунда ырааттуулукту камсыз кылуу.

4. Жооптуу органдардын кызматкерлерин даярдоону чечүүнү талап кылган суу маселелерин татаалдыгына, ошондой эле өздөрүнүн милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон кесиптик билим жана жөндөм-көндүмдөр топтомуна ылайыкташтыруу/адаптациялоо.

5. Суу ресурстары боюнча өз убагында топтолгон, ырааттуулугу макулдашылган, салыштырууга боло турган жана актуалдуу цифраларды жана маалыматтарды даярдоо жана жаңыртуу, ошондой эле аларды таркатып бөлүшүү жана аларды жетекчилик иште, баалоодо жана суу ресурстарына тиешелүү саясатты иштеп чыгууда пайдалануу.

6. Башкаруу механизмдеринин финансылык ресурстарды суу чарба муктаждыктары үчүн мобилизациялоого жардам берүүсүн, ошондой эле финансылык каражаттарды натыйжалуу, ачык-айкын жолдо жана өз убагында бөлүштүрүүгө көмөктөшүүсүн камсыз кылуу.

7. Суу ресурстарын коомдук кызыкчылык үчүн пайдалануу жаатындагы негиздүү укуктук-нормативдик базаны натыйжалуу колдонууну жана анын талаптарын сактоону камсыздоо.

8. Суу ресурстарын пайдалануунун жаңы ыкмаларын бардык жооптуу органдардын арасында, башкаруунун бардык деңгээлдеринде жана анын мүчөлөрүнүн арасында ишке киргизүүгө жана аларды жүзөгө ашырууга шыктандыруу.

9. Чечим кабыл алуу процессинде жоопкерчиликти жана ишенимди жогорулатуу үчүн сууну пайдалануу саясатында, суу чарба мекемелеринде жана структураларында чынчылдык/ адилеттүүлүк жана ачык-айкындуулук принциптеринин сакталышын камсыз кылуу.

10. Бардык кызыкдар тараптардын суу ресурстарын пайдалануу саясатын жакшылап ойлонуп, иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу процесстерине тартылуусуна жана натыйжага жетишүүгө багытталган катышуусуна шыктандыруу.

11. Суу ресурстарын пайдалануу маселелери боюнча суу пайдалануучулардын, айылдык жана шаардык аймактардын жана ар кайсы муундардын ортосунда компромисске жетишүүгө жардам бергидей кылып, башкаруу механизмдерин жакшыртууга дем берүү.

12. Суу чарбачылыгын башкаруу саясатына үзгүлтүксүз мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жана зарыл болгон жерде жөнгө салууга түрткү берүү; натыйжалары жөнүндө коомчулукту кабардар кылуу жана керек болгон учурда суу саясатына түзөтүүлөрдү киргизүү[14].

[14] OECD, OECD Principles on Water Governance. (Centre for Entrepreneurship, SMEs, Regions and Cities, 2015), 12-бет

Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу принциптери жалпы эле жакшы башкаруу принциптеринен келип чыгат да, адилеттүүлүк, натыйжалуулук, децентрализация, интеграция, ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик/отчеттуулук түшүнүктөрүнө негизделет. Бул принциптер  суу ресурстарын комплекстүү башкаруунун (СРКБ) - суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу боюнча секторлор аралык концепциянын - да негизин түзөт.

Глобалдык Суу Өнөктөштүгүнүн (ГСӨ) маалыматына караша, СРКБны ишке ашыруу «өзгөчө маанилүү болгон экологиялык системалардын туруктуулугуна зыян келтирбестен, алардын экономикалык жана социалдык байлык (жыргалчылык) үчүн жетиштүүлүгүн абдан мыкты жолдо камсыз кылуунун натыйжасында, суу, жер жана аларга байланышкан ресурстарды пайдалануунун ырааттуу өнүгүшүнө жана башкарылышына көмөктөшөт»[15].

1992-жылы өткөн Рио-де-Жанейро саммитинин алдында даярдалган Суу ресурстары жана туруктуу өнүгүү жөнүндөгү Дублин билдирүүсүндө суу ресурстарын пайдаланууда жетекчиликке алынышы керек болгон принциптер чагылдырылган, Глобалдык Суу Өнөктөштүгү ал принциптерди төмөнкүчө жалпылайт: «Суу ресурстарын комплекстүү башкаруу суу ресурстарын пайдаланууну адилеттүүлүк жана натыйжалуу жолдо башкаруу жана аларды туруктуу негизде пайдалануу принциптерине негизделет, ошондой эле сууну экосистеманын ажырагыс бөлүгү, саны жана сапаты аны пайдалануу мүнөзү менен аныктала турган жаратылыш ресурсу жана социалдык-экономикалык байлык экенин таанайт».



### Конкреттүү мисал – Фергана өрөөнү

Суу ресурстарынын жетишсиздигине карата атаандаштык эл аралык конфликттердин келип чыгышы үчүн потенциалдык булак катары таанылат. Ага карабастан, айрым мамлекеттер жана эл аралык система бул коркунуч менен кантип күрөшүүнү  үйрөнүп алган[16].

Фергана өрөөнүндө СРКБ конфликттердин коркунучун кыскартууга жана суу ресурстарын пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга салым кошкон методдордун бири болуп саналат. Аталган система төмөнкү деңгээлде (негизги канал, суу пайдалануучулар ассоциациясы жана фермерлер) ийгиликтүү түрдө ишке киргизилген жана төмөндө талкуулана турган деңгээлдердин ортосундагы байланышты түзүүгө мүмкүндүк берген. Суу пайдалануучулардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусунун көбөйүшү суунун ысырап болуусун кыскартууга, суунун берилишине контрол жүргүзүүгө жана сууну акыркы колдонуучулардын баарынын ортосунда бөлүштүрүү практикасын жакшыртууга көмөктөштү.

Фергана өрөөнүндөгү СРКБ суу чарба структурасынын бир нече деңгээлин камтыган ыкмага негизделген. Ал деңгээл сууну акыркы пайдалануучулардан жана колхоз-совхоздордун мурдагы ички тармагынан тартып, магистралдык каналдар жана андан ары кичинекей дарыялардын трансчекаралык бассейндери менен аяктайт. Ар кандай деңгээлдеги суу чарба мекемелери гидрографиялык принципке ылайык түзүлгөн, бул суу менен камсыздоо системаларын административдик эмес, бирок гидрологиялык чектер аркылуу башкарууга мүмкүндүк берет[17].

[15] GWP, Integrated water resources management in Central Asia: The challenges of managing large transboundary rivers. (Global Water Partnership, 2014), 2-бет

[16] UNEP, UNDP, OSCE, NATO, Environment and Security: Transforming risks into cooperation. (UNEP, UNDP, OSCE, NATO, 2005), 11-бет

[17] GWP, Integrated water resources management in Central Asia: The challenges of managing large transboundary rivers. (Global Water Partnership, 2014), 17-бет

## Сууну колдонуунун башка жолдору жана климаттын өзгөрүүсү

Борбордук Азия өлкөлөрүндө суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу энергетика, айыл чарба, өнөр жай, туризм жана башка ушул сыяктуу тармактардын керектөөчүлөрүнүн ортосундагы өз ара тең салмактуулукту орнотууну көздөйт. Ошондой эле муниципалдык жана жеке чарбалардын деңгээлдеги санитардык-гигиеналык жактан жагымдуу шарттарды камсыз кылууга жана ичүүчү сууга карата болгон муктаждыктар менен суроо-талаптын ортосундагы балансты камсыздоону көздөйт. Бул муктаждыктардын кай бирлери жалпысынан жыл бою туруктуу болуп саналат,  башкалары болсо сезондук мүнөзгө ээ. Ар кандай керектөөчүлөрдүн арасында сууга карата болгон суроо-талаптары улам өсүп жатат, ал эми суу чарба ишканаларынын жетекчилери климаттын өзгөрүшүнүн кесепетинен келип чыккан үзгүлтүктөр менен да күрөшүүгө аргасыз болууда. Абанын температурасынын жогорулашы, жаан-чачындын режиминин өзгөрүшү жана мөңгүлөрдүн эриши сыяктуу себептердин баары суу ресурстарына карата басымды күчөтөт жана суу чарбасынын күнүмдүк жана жылдык иштерин пландоодо эсепке алынышы керек болгон кошумча талап.

## Трансчекаралык ресурстар

Суу ресурстарын бир нече өлкө биргелешип пайдалануусун жөнгө салуу, б.а. трансчекаралык деңгээлде мамлекеттердин, ошондой эле калктын айрым топторунун ортосундагы мамилелерди жакшыртууга өбөлгө боло алат да, региондун коопсуздугуна, гүлдөп-өсүшүнө жана айлана-чөйрөсүн коргоого көмөктөшөт.

СССР тарагандан кийин дароо эле Борбордук Азия өлкөлөрү Мамлекеттер аралык суу чарбачылык иштерин координациялоо комиссиясын түзүштү, анын курамында Арал деңизинин бассейнинде трансчекаралык суу ресурстарын биргелешип башкаруу иштерин координациялоо жана кызматташтыкты чыңдоо үчүн аткаруу бийлик органдары бар. Кийинки түзүлгөн келишимдер аталган мамлекеттер аралык механизмдин эффективдүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле өлкөнүн жана айрым тармактардын кызыкчылыгы үчүн туруктуу негизде суу менен камсыздоо боюнча биргелешкен милдеттенмелерди ишке ашыруусуна шарттарды түзүүгө тийиш болгон жоболорду бекемдеди[18].

Региондо иш алып барган эл аралык финансылык жардам программалары мамлекеттер аралык сүйлөшүүлөрдү уюштуруу процессинин демилгечилери болушту жана ар бир өлкөдө суу чарбачылык системаларын реформалоо процессин алга жылдырууну улантууда. ЕККУ жергиликтүү деңгээлде, ошондой эле Орхус борборлору аркылуу бир катар иш чараларды аткаруу менен алдыңкы тажрыйбаны жайылтууга жана Борбордук Азиядагы трансчекаралык суу ресурстарын биргелешип башкарууга көмөктөшөт.

Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу туруктуу негизде өнүгүүдө жана конфликттердин алдын алууда олуттуу мааниге ээ. Орхус борборлору жергиликтүү, мамлекеттик жана трансчекаралык деңгээлдерде диалог курууга, чечимдерди кабыл алууга жана суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууда экологиялык туруктуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга жана башкарууга калктын катышуусуна көмөк көрсөтөт[19].



### Конкреттүү мисал – Чүй-Талас суу чарбачылык комиссиясы

Борбордук Азиядагы суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу тармагындагы ийгиликтүү кызматташтыктын мисалы - мамлекеттер аралык пайдаланууда болгон Чүй жана Талас дарыяларындагы суу чарба объекттерин колдонуу боюнча Казакстан Республикасы менен Кыргыз Республикасынын комиссиясынын иши. Чүй-Талас суу чарбачылык комиссиясы эл аралык коомчулуктун, анын ичинде БУУнун жана ЕККУнун колдоосу менен 2006-жылы түзүлгөн, учурда ал ийгиликтүү иштеп, объекттерди суу ресурстарын биргелешип пайдалануу боюнча белгиленген графикке ылайык тейлеп жатат[20].

Комиссиянын Казакстандык бөлүгүн жетектеген Индира Акбозованын айтымында,

*«Аялдар өз ой-пикирин, өзгөчө трансчекаралык суу дипломатиясы боюнча ойлорун дипломатиялык жолдо билдиришет. Ар кайсы өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн пикирлери бири-бириникинен абдан эле айырмаланат, ал эми аялдар өзүнүн сөзүн жумшагыраак тилде чагылдырууну билишет»[21].*

[18] Жогорку шилтемени кара

[19] OSCE, Aarhus Centres: Water resource management

[20] UNECE & OSCE, Project Report: Development off cooperation on the Chu and Talas Rivers (Chu – Talas II, 2011), 2-бет

[21] OSCE, Women, water and security. (Environmental activities, Gender equality, 2015)

## Кеңири катышуунун жана талкуулоонун негизинде суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу

ЕККУнун докладына ылайык, «кеңири катышуунун жана талкуулоонун негизинде суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу үчүн кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү», кеңири катышуунун негизинде саясатты иштеп чыгуу процесстери жана консультациялар суу чарба башкармалыгы дуушар болгон бардык көйгөйлөрдү чечүү үчүн панацея эмес, бирок алар чечимдерди кабыл алуу процесстеринин таасирдүүлүгүн жогорулатууга жана аларды жүзөгө ашырууга, ошондой эле кененирээк көз караштан алганда, суу ресурстарын рационалдуу пайдаланууну жалпысынан жакшыртууга көмөктөшүүсү мүмкүн. Суу чарба тармагынын курамына кирген структуралар тигил же бул чаранын же долбоордун жыйынтыктары кандай боло тургандыгын аныктоодо чечүүчү ролду ойношот. Алар чечимдерди сунуштай алышат же колдоо көрсөтө алышат, бирок аларга каршы чыгышы да, иштин аткарылышына тоскоолдук кылуусу же өз кызыкчылыгын көздөгөн максаттар үчүн колдонуусу да ыктымал. Кызыкдар тараптарды тартуу  максаттарды талкуулоого, тажрыйба алмашууга жана милдеттерди ич ара бөлүшүп аткарууга мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле тараптардын тынчсызданууларын жана кызыкчылыктарын эске алуу менен кабыл алынган чечимдерди активдүүрөөк жолдо колдоого көмөктөшөт. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү топторго жана жеке адамдарга маселелерди биргелешип чечүүгө жана тармактык иш милдеттерин ич ара бөлүшүп аткарууга мүмкүндүк берүүчү курал болуп саналат, бул милдеттер көп учурда көйгөйлөрдүн пайда болушуна да, аларды чечүүгө да салым кошуусу ыктымал.

Суу ресурстары менен байланышкан маселелерди чечүү процессине кызыкдар тараптарды тартуу ар кандай формада өтүшү жана ар кандай максаттарды көздөшү мүмкүн. Бул процесске көбүрөөк сандагы тараптардын жана практик-адистердин катышуусуна мүмкүндүк берет, бирок ошол эле учурда айрым тоскоолдуктарды жаратышы жана кайсы бир чыгымдарды көбөйтүшү да ыктымал. Натыйжада, бул долбоорлордун эффективдүүлүгүн жогорулатууга жана суу ресурстарын пайдалануу максаттарына жетишүүгө толук кандуу көмөк көрсөтүү үчүн тоскоол болушу да мүмкүн.

Башкаруу процесстерине катышууга тартуу пайда алып келиши үчүн төмөнкүнү аныктоо керек: бул процесстер эмнеге жетишүүгө аракет кылып жатат жана ага керек болчу ресурстар кайсылар деген суроо менен көздөлгөн максаттарга жетүү мүмкүнбү деген суроонун ортосунда өтө кылдаттык менен каралган тең салмактуулукту аныктоо зарыл. Суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга эффективдүү жана маңыздуу түрдө катышуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө негиз болгон рамкалык шарттар аныкталды[22].



[22] OECD, Stakeholder Engagement for Inclusive Water Governance. (OECD Studies on Water, 2015), 168-бет



Тажикстан, Шаартуз
Өзбек аялдар Тажикстандын түштүгүндө пахта талааларында иштеп жатышат
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз

# Уюштуруу маселелери



Өзбекстан, Дослук
Кыз сугат каналынан суу алып жатат
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз



Гендердик факторлорду эффективдүү жолдо эсепке алуу жана суу ресурстарын башкаруу жаатында ырааттуу саясатты ишке ашыруу төмөнкүлөрдү талап кылат: билимин кеңейтүү, шык-жөндөмдөрүн жакшыртуу үчүн кадрлардын дараметин (потенциалын) жогорулатууну; гендердик мүнөздөгү суроолор уюмдун функционалдык системасына жана анын долбоорлоруна киргизилиши үчүн гендердик теңчилик талаптарына жооп берген бюджетти түзүүнү; ошондой эле кадрларды тандоодо гендердик теңдештик факторлорун эсепке алууну сунуштайт.

Суу ресурстарын башкаруу системасындагы гендердик факторлорду эсепке алуунун эффективдүүлүгү кандайдыр бир деңгээлде суу чарбачылыкта алектенген эркектердин да, аялдардын да даярдыгынан, уюмдун ишмердүүлүгүнүн жана маданиятынын бардык аспекттеринде гендердик жактан актуалдуу болгон маселелерди эсепке алууга өздөрү макул экендигинен көз каранды[23].

## Потенциалды/ Дараметти өнүктүрүү

«Уюмдардын өз потенциалын/дараметин жогорулатуу жаатындагы иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзүү» деген макаласында, Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги мындай дейт: «Уюмдун потенциалы – бул өзүнүн милдеттери менен максаттарына ылайык, уюмдун ишин жүзөгө ашыруу жана активдүүлүгүн белгилүү убакыт аралыгында сактап калуу жөндөмдүүлүгү. Уюмдун организациялык потенциалын өнүктүрүү - бул уюмдун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн процесстерди, билимди, мамилелерди, активдерди же жүрүм-турум моделдерин бекемдөөгө багытталган максаттуу командалык иши»[24].

Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун камсыздоо үчүн потенциалды өнүктүрүү бул аялдардын укуктарын эске алуу, ошондой эле аялдар менен эркектердин теңчилигинде туруктуулукту жана өзгөрүүлөрдү камсыздоого жетишүү үчүн айрым адамдардын, мекемелердин, топтордун жана уюмдардын билимдерин, шык-көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана/же кеңейтүү дегенди түшүндүрөт.

[23] OSCE, Gender mainstreaming in Aarhus Activities: A guideline for practitioners (OSCE Secretariat, OSG/Gender Section, 2012),15-бет

[24] USAID, Monitoring Organizational Capacity Development Efforts. (Learning Lab, 2018)

### Конкреттүү мисал – Орхус борборлору

Орхус Конвенциясын жүзөгө ашырууга көмөктөшүү жана, конвенцияга ылайык, жарандар айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы укуктарын колдонуусу үчүн практикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында, ЕККУ өзүнүн жер-жерлердеги бөлүмдөрү жана ЕККУнун Экономикалык жана экологиялык координаторунун бюросу аркылуу 2002-жылдан бери Орхус борборлорун түзүүгө жана аларды иштетүүгө колдоо көрсөтүп келе жатат.

Бул борборлор Орхус Конвенциясынын айлана-чөйрөгө байланыштуу маселелер боюнча негизги үч жобосун - маалыматка оңой жетүү жөнүндөгү, коомчулуктун чечимдерди кабыл алуу процессинде катышуусу жөнүндөгү жана сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү - жобосун кеңири жайылтууда чечүүчү роль ойнойт. Алар Конвенциянын жүзөгө ашырылышы боюнча экологиялык маалыматты таркатуу, билим берүү жана окутуу тармагында көптөгөн долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу калктын жана бул тармакта иштеген мамлекеттик органдардын билимин кеңейтет. Экологиялык проблемаларды талкуулоо үчүн жарандардын жолуга турган жайы катары Орхус борборлору жаратылышыты коргоо боюнча башкаруу системасын бекемдейт. Алар адамдардын экологиялык маселелерди чечүүгө катышуусуна жардам берет жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча сот адилеттигине жетүүсүн жеңилдетет, жарандардын жана өкмөттөрдүн айлана-чөйрөнү жана жаратылышты коргоого карата жалпы жоопкерчилигине көңүлүн буруусун камсыздайт. Бул борборлор консультация да берип, кадрлардын потенциалын жогорулатууга жана аларды окутууга көмөктөшөт.

Өз ишинде аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна байланышкан принциптерди эске алууга көбүрөөк көңүл буруу аркылуу, Орхус борборлорунун кызматкерлери, саясатчылар жана башка кызыкдар тараптар иш чаралардын бардык каалоочулар үчүн ачык жана теңсиздикти бекемдебей тургандай болушуна активдүү салым кошо алышат. Мындан тышкары, Орхус борборлорунун ишмердүүлүгүндө гендердик факторлорду негизги багытка айландыруу анын катышуучуларынын эл аралык нормалар менен принциптерге берилгендигин демонстрациялап көрсөтүүсүнө мүмкүндүк берет.


Орхус борборлорунун иш-аракеттериндеги гендердик факторлорду эсепке алуу төмөнкүлөрдү камтыйт:[25]

- эркектердин да, аялдардын да муктаждыктары, билимдери жана салымдары бирдей чагылдырылып, теңсиздик бекемделбейт;
- Орхус борборлору бардык тараптарды бирдей көрсөтөт, ачык-айкындуулуктун, отчеттуулуктун жана коомчулуктун ишениминин деңгээлин жогорулатат;
- аялдардын коомдук турмушка жана чечимдерди кабыл алуу менен байланышкан процесстерге катышуусу жогорулайт;
- эркектер менен аялдардын кызыкчылыктарын жана укуктарын бирдей даражада эсепке алуу кызмат көрсөтүүлөрдү кыйла балансталган жана өкүлчүлүгү бирдей болгон негизде уюштурууга алып келет.

[25] OSCE, Gender mainstreaming in Aarhus Activities: A guideline for practitioners (OSCE Secretariat, OSG/Gender Section, 2012), 13-бет

## Бюджетти түзүү

Гендердик факторлорду эсепке алуу өлкөнүн экономикасына кантип пайда алып келиши мүмкүн экендиги жөнүндөгү макалада, «Экономист» журналы мындай деп түшүндүрөт: «Бюджетти иштеп чыгууда/түзүүдө гендердик аспектилерди эсепке алуу өкмөттөрдүн бюджеттик-финансылык саясат каражаттарынын жардамы аркылуу теңчиликти камсыз кылуусуна көмөктөшүүчү жолдордун бири болуп саналат. Ал бюджеттин практикада эркектер жана аялдар үчүн колдонулушунун айырмачылыктарын талдоону/анализдөөнү жана каражаттарды тиешелүү түрдө бөлүштүрүүнү, ошондой эле максаттуу көрсөткүчтөрдү аныктоону - мисалы: мектепте кыздардын эркек балдар менен бирдей шартта билим алуусуна жана ал максатка жетүү үчүн - каражаттарды бөлүүнү камтыйт»[26].



### Конкреттүү мисал – Тажикстандагы өнүгүү

Тажикстан климаттын өзгөрүшүнүн терс таасирине өзгөчө дуушарланган жана адаптациялоо потенциалы да төмөн өлкө. Айыл чарба өндүрүшү аба ырайынын шарттарынын өзгөрүшүнө өзгөчө сезгич, табигый кырсыктар жана суунун тартыштыгы көп кездешет[27].

Европалык реконструкция жана өнүктүрүү банкынын акыркы директивалык көрсөтмөсүнө ылайык, «Тажикстанда Климаттык инвестициялык фондунун Климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулугун жогорулатуу боюнча пилоттук программасынын (CIF PPCR) колдоосу менен техникалык жардамдын алкагындагы бир катар демилгелер, инвестициялык долбоорлор жана иш чаралар аткарылды. Алардын максаты - жеке сектордун колдоосу менен гендердик жактан сезимтал жана климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулук маселелерин эске алган өнүгүүнүн негиздерин түзүү.

Мына ушуга байланыштуу климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине, ошондой эле гендердик маселелер боюнча өзгөрүүлөрдүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнө дуушарланган өзүнчө социалдык-экономикалык топ катары аялдардын аярлуулугунун өзгөчөлүктөрү эске алынган. Пилоттук программанын алкагында (PPCR), «Тажикстанда тиешелүү техникалык жардам компоненттерин колдонуу аркылуу, климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулукту жогорулатуу чөйрөсүндө бир катар жеке секторго багытталган инвестициялар аткарылды. Бул иштин жыйынтыгында, , аялдар жана эркектер тарабынан башкарылган ишканалар, ошондой эле аялдар жана эркектер башчылык кылган үй чарбалары үчүн түздөн-түз да, кыйыр түрүндө да келтирилген пайда жөнүндө бир катар суроолор келип чыкты»[28].

Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) 2015-2017-жылдарга карата инвестициялык планы үчүн гендердик факторлорду эсепке алган бюджетти иштеп чыккан, анда суу менен камсыз кылууну жана сугаттын эффективдүүлүгүн жакшыртуу, ошондой эле климаттын өзгөрүшү менен байланышкан табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу көздөлгөн.

Пянж дарыясынын бассейниндеги климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулукту жогорулатуу  долбоорунун алкагындагы АӨБнүн гендердик теңчилик боюнча иш-аракеттер планы суу менен камсыздоо инфраструктурасын суу ташкынынан коргоо жана калыбына келтирүү чаралары аялдар үчүн пайда алып келишин камсыз кылууга багытталган. Планда аялдардын айыл чарбачылыктагы ролу жөнүндө, суу менен камсыздоонун начар инфраструктурасынын жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттери жөнүндө жалпы маалымат берилет.[29]

[26] E.W., How taking gender into account can be good for a country's economy. (The Economist, 2017)

[27] Elisabeth Duban, Tajikistan: Country Gender Assessment (ADB, 2016)

[28] EBRD, How private sector investment can support gender-responsive, climate-resilient development in Tajikistan: Guidance Note. (Gender Guidance Note, 2019), 13-бет

[29] ADB, Women, Water and Leadership. (ADB Briefs, 2014)



Тажикстан, Шаартуз
Сугат каналы
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз



## Кадрларды тандоо

Уюмдун кадр саясатынын жана маданиятынын контекстинде гендердик тең салмактуулук уюмдагы аялдарга да, эркектерге да таасирин тийгизген маселелерди, тактап айтканда, аялдар менен эркектерди жалдоо, кызматтан жогорулатуу жана аял жана эркек кызматкерлери үчүн кесиптик окуудан өтүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо, ошондой эле эмгек акыларды камтыйт. Кадр маселелери кызматкерлердин дараметин жогорулатуу жана бюджетти түзүү менен тыгыз байланышта, ошондуктан ишмердүүлүк чөйрөсүндө болуп жаткан жаңылыктар/өзгөрүүлөр уюмдун бардык мүчөлөрүнө таасир этет. Аялдар менен эркектерге бирдей иштөөгө мүмкүндүк берүү үчүн балдар мекемелерин ачуу жана ыйкемдүү иш тартибин уюштуруу сыяктуу көмөкчү структураларды түзүү да кадр саясатындагы гендердик факторлорду эсепке алуу маселесине кирет.



### Конкреттүү мисал – сугат иштериндеги аялдар менен эркектердин ортосундагы теңдик

Эл аралык айыл чарба изилдөөлөрү боюнча консультативдик топ (CGIAR) Өзбекстандагы Суу ресурстары, жерди пайдалануу жана экосистемалар тармагындагы изилдөөлөр программасынын пилоттук долбоорунун алкагында суу пайдалануучулар ассоциацияларынын (СПА) биринин кызматкерлери жана мүчөлөрү менен сугат иштерин өткөрүүдө болгон гендердик маселелер боюнча окуу программасын сынап көрдү. Өзбекстанда көптөгөн аялдар айыл чарба өндүрүшүндө эмгектенип, короосундагы жерди иштетсе да, алардын өтө азы гана фермер катары расмий каттоодон өткөндүктөн, уюм катары системага киргизилген. Аталган пилоттук долбоор үй чарбаларын жана аял суу пайдалануучуларын камтыган. СПАнын дээрлик бардык мүчөлөрү эркектер, ал эми үй чарбаларынын дээрлик бардык катышуучулары аялдар болгон. Интервьюлардан жана фокус-топтук талкуулардан төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- аялдар пландаштыруу жана чечимдерди кабыл алуу процессинен четтетилген;
- негизги пайданы ири чарбалар алат;
- сугаттын типтүү долбоорлорунда жергиликтүү шарттар эске алынган эмес;
- үй чарбалары СПАда расмий түрдө өкүлчүлүк кылышпайт;
- СПАлардын короо-жайга танапташ участкаларынын керектөөлөрүн эсепке алуусун талап кылган расмий механизм жок;
- учурдагы абал аялдардын үй-бүлөсү үчүн азык-түлүк өндүрүү мүмкүнчүлүгүнө олуттуу терс таасир берүүдө;
- тиричилик муктаждыктарына жана талааны сугарууга колдонуучу сууну өзүнчө пландаштыруу чыр-чатактар үчүн шарттарды түзөт.

Аялдар пландаштырууга катышып, чечим чыгарууга таасирин берүү үчүн уюмдардын расмий мүчөсү болушу керек[30].

[30] N. Lefore, E. Weight and N. Mukhamedova, Improving Gender Equity in Irrigation: Application of a Tool to Promote Learning and Performance in Malawi and Uzbekistan. (R4D Learning Series, 2017), 18–19-бет

# Уюмдардын ишмердүүлүгүндө гендердик факторлорду эсепке алуу



Түркмөнстан, Дамла
Аялдар Каракум чөлүндөгү айылдын көлмөсүнөн жамгырдын суусун чогултууда
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз

## Борбордук Азиядагы суу чарба уюмдарынын иш-аракеттеринде гендердик принципти киргизүү боюнча кадамдык колдонмо алардын жетекчилери жана башка кызматкерлери үчүн арналган.



Процесстин катышуучуларынын курамы максатка ылайык болгондой кенен болушу мүмкүн, алардын катарына уюмдардын өкүлдөрү жана суу пайдалануучулар; финансылык жардам көрсөтүүчү уюмдар жана кызыкдар мекемелер; ошондой эле суу чарбасы менен байланышкан ар кандай уюмдардын кызматкерлери жана башкарма мүчөлөрү кириши мүмкүн. Бул колдонмо ар кандай шарттарда гендердик факторлорду эске алуу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн. Уюмдар бул жерде берилген кадамдык колдонмону кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өз кызматкерлери үчүн семинарларда жаңы долбоорлорду пландаштырууда пайдаланышса болот. Колдонмону ошондой эле өз уюмдарында жыныстардын теңчилигин камсыздоо маселелерине жооп берген адистердин инструкторлорун даярдоо үчүн жетекчилик катары же суу ресурстарын башкаруу боюнча курстарда окуу материалы катары колдонсо болот. Эреже катары, процессти гендердик проблематиканы эсепке алуу маселеси боюнча даярдыктан өткөн адис жетектейт.

## Жалпы сереп

Схемада гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча беш этап чагылдырылып, ар бир этап кийинкиси үчүн негиз катары кызмат кыла турган мисалдар берилген.

| Уюмдардын иштериндеги гендердик факторлорду эсепке алуу | Тышкы долбоорлор |
|---|---|

### 1. Анализ

| Уюмдардын иштериндеги гендердик факторлорду эсепке алуу | Тышкы долбоорлор |
|---|---|
| Жетекчилик кызматтарды аркалаган аялдардын санынын үлүшү | Айыл жергесинде аялдар менен эркектердин сугат суусуна болгон муктаждыктары |

### 2. Максаттар

| | |
|---|---|
| Жакынкы 2 жылда аялдардын өкүлчүлүктөрүнүн саны эркектердики менен бирдей болот | Жакынкы 5 жылда аялдар эркектер менен бирдей укукта сугаруу үчүн суу алууга мүмкүнчүлүк алышат |

### 3. План

| | |
|---|---|
| Бирдей сандагы өкүлчүлүккө жетишүү планы; гендердик факторлорду эсепке алууга багытталган чаралар (үй-бүлөлүк жашоону жумуш менен айкалыштыруу, ийкемдүү жумуш тартиби, балдар мекемелери, бала багуу боюнча өргүү) | Чечимдерди аткаруу планы жана айыл жергесинде суу ресурстарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен байланышкан иш-чараларды сыпаттаган иш-аракеттер планы |

### 4. Көрсөткүчтөр

| | |
|---|---|
| Бир жыл ичинде, жетекчи кызматта иштеген аялдардын саны жогорулады | Сууну талааны сугаруу үчүн пайдалана алган аялдардын саны; Айылдагы ишкер аялдардын саны |

### 5. Бюджет жана отчеттуулук

| | |
|---|---|
| Жетекчилик кызматтарда, анын ичинде ортоңку звенодогу кызматтарда, иштеген аялдардын потенциалын өнүктүрүү үчүн тийиштүү каржылоону камсыздоо | Айыл чарба өндүрүшүнүн бардык звенолорунда аялдардын потенциалын өнүктүрүү үчүн тийиштүү каржылоону камсыздоо; бизнес ачуу үчүн аялдарды каражат менен камсыз кылуу; Суу ресурстарынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана инфраструктураны өнүктүрүү |

Борбордук Азиядагы суу ресурстарын башкаруу практикасындагы гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча колдонмо уюмдун контекстинде аялдар менен эркектердин ортосундагы айырманы, алардын ролдору жана ыйгарым укуктары боюнча кырдаалды баалоо жол-жобосун сыпаттоодон башталат. Кийинки этаптары жогоруда аталган негизге таянат, бирок, схемада көрсөтүлгөндөй, бул уюмдагы гендердик маселелер боюнча маалымдуулукту жогорулатууга жардам бере ала турган, ошону менен бирге өзү маанилүү максат болуп саналган биринчи кадам өз алдынча талдоо процедурасын билдирет.

Өздөрү жүргүзгөн баалоонун жыйынтыктарын өз ишмердүүлүгүндө эске алууну каалаган уюмдар үчүн бул колдонмодо уюм өзүнө алгысы келген милдеттенмелердин так концепциясын түзүү жана аны ишке ашыруу принциптери сунуш кылынат. Андан кийин колдонмодо уюмдун планынын негизинде конкреттүү максаттарды кантип коюу керектиги жана ал максаттарга негизделген көрсөткүчтөрдү түзүү – уюм тарабынан жетишкен ийгиликтерди баалоонун маанилүү элементтери - көрсөтүлөт. Колдонмо уюмдарга өз пландарын ишке ашырууга мүмкүндүк берген отчеттуулукту жана бюджетти түзүү механизмдерин сыпаттоо менен аяктайт.



# 1-этап.
## Уюмдун ишиндеги гендердик аспектилерди талдоо

Гендердик факторлорду комплекстүү талдоодо эркектер жана аялдардын укуктары, үй тиричилиги боюнча акча төлөнбөгөн иш, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө кам көрүү, эмгекти бөлүштүрүү, ресурстардын жана ыйгарым укуктардын жеткиликтүүлүгү сыяктуу маселелер кирет. Мындай талдоо эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилени калыптандыруучу факторлорду изилдөөнү - атап айтканда, мамлекеттик ченемдик укуктук актыларды, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана айлана-чөйрө менен байланышкан факторлорду - эреже катары, сандык жана сапаттык да аспектилерди камтышы мүмкүн. Бул этаптын негизги максаты – уюмдар, ар кандай адамдардын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу үчүн иш-аракеттерди жана практикалык чараларды өткөрүүгө даяр болгон аймактарды аныктоо[31].

Уюмдун алкагында гендердик факторлорду анализдөө уюм ичиндеги алар менен байланыштуу көйгөйлөрдү эске алууга мүмкүндүк берет, эркектер менен аялдардын ортосундагы теңчиликти камсыз кылат, тиешелүү маселелерге да көңүлдү бурдурат жана аларды баамдап, түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Кандай болгон күндө да мындай талдоонун зыяны болбойт. Катышуучулар талдоону төмөнкү суроолордун негизинде жүргүзүшү керек:

- уюмдагы эркектер менен аялдардын ар кандай ролдору, ресурстары, мүмкүнчүлүктөрү, муктаждыктары жана чектөөлөрү кандай?
- уюмдун ишмердүүлүгүнүн аялдар менен эркектерге (оң жана терс) таасир этүүсүнүн ортосунда кандай айырма бар?

Гендердик талдоо зыян келтирбеген түрдө жүргүзүлүп, Гендердик теңчилик боюнча Европа институтунун (EIGE) айтымында, уюмдарга бул маселелерге карата “сокурдуктан” качууга жардам бериши керек - бул “конкреттүү социалдык, маданий, экономикалык жана саясий учурда аялдар жана (же) кыздар жана эркектер жана (же) балдарга таандык кылган же таңууланган кырдаалды, ролдору жана милдеттери таанybоо” болуп саналат. Анткени бул маселелер боюнча “сокурдук” мамиле кылган долбоорлор, программалар, чаралар жана ой-пикирлер аялдардын, кыздардын, эркектердин жана балдардын ар кандай ролдорун жана ар кандай муктаждыктарын эске алышпайт жана аталган Институттун пикири боюнча, алар учурдагы жагдайды сактап калууну көздөйт жана аялдар менен эркектердин ортосундагы теңсиздик мамилелердин структурасын өзгөртүүгө түрткү берүү үчүн эч нерсе кылбайт[32].

Ал эми гендердик бейтарап долбоорлор, программалар жана чаралар жогоркулардан айырмаланып, аялдар менен эркектердин ортосундагы мамиле же теңчилик боюнча көз карашынан алганда кандайдыр бир белгилүү оң же терс натыйжаларга алып келбейт[33].

Гендердик талдоо үчүн төмөнкү таблицада типтүү суроолор жана бул суроолорго берилүүчү жооптордун мисалдары чагылдырылды. Бул жооптор бирдиктүү үлгүнү таңуулоо үчүн эмес, суроолорго кантип жооп берүү керектигинин мисалы катары гана берилген.

[31] WECF International, The gender impact assessment and monitoring tool. (Women2030, 2018), 51-бет

[32] EIGE, Gender Blindness

[33] EIGE, Gender Neutral

## Гендердик факторлорду талдоо боюнча таблица

### Үй чарбасы

**Эмгек**
Ким эмне аткарат?

- Үй жумуштары, бакчаны сугаруу, тамак-аш даярдоо, суунун туура сакталышын текшерип туруу
- Бакчага өсүмдүктөрдү отургузуу жана бакчаны сугаруу үчүн арыктарды чабуу

**Убакыт**
Канча убакыт жана эмнеге жумшалат?

- Күнүнө 7-8 саат үй жумуштарына, 1-2 саат бакчаны сугарууга, сугат каналдарын жана суу сактагычтарды мезгилге жараша тейлөөгө, суунун болушуна жараша 2-3 саат кир жууганга жана тамак жасоого кетет
- Жыл мезгилине жараша үй жумуштарына жумасына 3-4 саат кетет

**Ресурстар**
Ким мүмкүнчүлүккө ээ жана ким контролдойт?

- Акча каражаттарына чектелген контролдоо, үй-бүлөнүн күнүмдүк бюджетин жалпы жүргүзүү
- Үй-бүлөсүн багуу үчүн акча табат жана бардык каражаттар жана үй-банктык эсептердин ээси болуп саналат

**Маданият**
Маданият мүмкүнчүлүккө жетүүгө жана контролдоого кандай таасир этет?

- Күйөөсү эмгек мигранты болуп, же сезондук толук эмес жумушта иштебесе, анда салттуу түрдө үй чарбасында алектенет
- Салт боюнча, эмгек миграциясынан башка учурларда үй-бүлөнүн жалгыз багуучусу

### Калктуу конуш

**Эмгек**
Ким эмне аткарат?

- Айыл чарбада сезондук жумуштарды аткаруу
- Өнөр жай же айыл чарба жумушчулары, жарым-жартылай соода менен алектенет

**Убакыт**
Канча убакыт жана эмнеге жумшалат?

- Айыл чарба иштеринде, негизинен түшүмдү жыйноого жылына 60-80 күн жумшайт
- Кээде 5 – 6 ай толугу менен үйдө болбойт, иштеп, үйүнө акча которуп турат

**Ресурстар**
Ким мүмкүнчүлүккө ээ жана ким контролдойт?

- Короодо өндүрүлгөн өнүмдөрдү жана сезондук жумуштардан түшкөн кирешени сатуу аркылуу рынокту чектелген деңгээлде гана көзөмөлдөй алат
- Салттуу түрдө жерге ээлик кылып, негизинен базар менен соода иштерин көзөмөлдөйт

**Маданият**
Маданият мүмкүнчүлүккө жетүүгө жана контролдоого кандай таасир этет?

- Салттуу түрдө билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармагында конкреттүү кызматтарда гана иштейт, бирок аялдардын саны базарларда жана айыл чарба бирикмелеринде барган сайын көбөйүүдө
- Жергиликтүү деңгээлдеги үй-бүлөнүн негизги өкүлдөрү болушат, расмий же формалдуу эмес өкмөттүн курамында негизги чечимдерди кабыл алышат

### СПА

**Эмгек**
Ким эмне аткарат?

- Сезондук жумушчулар катары чектелген түрдө катышышат
- Жетекчилер жана жооптуу кызматкерлер, кээде үй-бүлөсүнөн тышкары кетип, иштешет же башка өлкөлөрдө иштешет

**Убакыт**
Канча убакыт жана эмнеге жумшалат?

- Сезондук жумушчулар катышкан тургундардын жалпы чогулушунда жылына 1 - 2 саат кетиришет
- Бардык деңгээлдерде толук ставкалык убакытта иштешет

**Ресурстар**
Ким мүмкүнчүлүккө ээ жана ким контролдойт?

- Мүмүнчүлүккө жетүү жана контролдоо дээрлик жок
- Негизги чечимдерди кабыл алышат

**Маданият**
Маданият мүмкүнчүлүккө жетүүгө жана контролдоого кандай таасир этет?

- Салт боюнча катышышпайт
- Салттуу түрдө негизги чечимдерди кабыл алып, таасир этишет

### Бассейндик ассоциациялар

**Эмгек**
Ким эмне аткарат?

- Дээрлик эч кандай ролдорду аткарбайт
- Жетекчилер, жооптуу кызматкерлер жана адистер

**Убакыт**
Канча убакыт жана эмнеге жумшалат?

- Жергиликтүү калктын минималдуу катышуусу
- Бардык баскычтарында толук ставкада иштөө

**Ресурстар**
Ким мүмкүнчүлүккө ээ жана ким контролдойт?

- Мүмүнчүлүккө жетүү жана контролдоо дээрлик жок
- Негизги чечимдерди кабыл алышат жана өздөрүнүн каражаттарына кожоюндук кылышат

**Маданият**
Маданият мүмкүнчүлүккө жетүүгө жана контролдоого кандай таасир этет?

- Салт боюнча катышпайт
- Салттуу түрдө негизги чечимдерди кабыл алып, таасир этишет

Уюмдун кызматкерлеринин пикирлерин семинар өткөрүү учурунда же кызматкерлер, кызыккан уюмдардын өкүлдөрү, жана башка ар кайсы тараптардын катышуучулары менен өткөрүлгөн жекече аңгемелешүү же чогулуштар учурунда же анкета толтуруу аркылуу чогултса болот. Инструкторлор алынган комментарийлерди чогултушат жана алардын негизинде отчет даярдашат. Мындай отчет натыйжаларды тактоо жана аныкталган нерсе боюнча жалпы макулдашууга жетишүү үчүн иштелип чыгат жана кийинчерээк андан аркы талкууга негиз боло алат.

Талдоо процессинин аягында уюм кайсы гендердик аспектилерге тийиштүү көйгөйлөрдү чечүү керектиги жөнүндө так түшүнүккө ээ болушу керек. Мындай процедурага тартылуу менен гана катышуучулар гендердик көйгөйлөргө көбүрөөк көңүл бурушу мүмкүн жана өздөрү ээ болгон жаңы маалыматтардын негизинде көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн аларда уюм эмне кылышы керектиги жөнүндө сунуштары пайда болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да, талдоо гендердик көйгөйлөргө көңүл бурдурат жана катышуучуларда алар мурда башынан өткөрбөгөн же түшүнбөгөн башка бирөөнүн көз карашына карата тилектештикти жаратышы мүмкүн.



## 2-этап.
### Гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча уюмдун милдеттенмелеринин так концепциясын түзүү

Бул процесстин ийгилиги башкаруу органдары жана уюмдун жетекчилиги тарабынан коюлган так аныкталган милдеттер менен максаттардын топтомун бардык деңгээлдеги кызматкерлердин бирдей даражада түшүнүүсүнөн жана аракетинен көз каранды. Гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча милдеттенмелердин так концепциясы төмөндө келтирилген ар кандай варианттарды камтышы мүмкүн:

- суу ресурстарын демократиялык жана ачык-айкын жолдо башкарууга бирдей даражада катышууга байланыштуу билимдерин кеңейтүүгө жана көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган (эркектердин жана аялдардын) потенциалды жогорулатуу жаатында иш чараларды даярдоо;
- жетекчи кызматтарда аялдар жана эркектер үчүн квоталарды берүү;
- аялдарды жана кыздарды сууну эффективдүү пайдалануу, суу инфраструктурасын куруу жана тейлөө жана суунун сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча техникалык окуу программаларына тартып, катыштыруу;
- суу жана айлана-чөйрө, суу ресурстары жана айыл чарбасын туруктуу негизде башкаруу, суу ресурстары жана аны колдонуудагы ачыктык жана отчеттуулук принциптери боюнча окуу модулдарын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;
- пландаштырууга, маалыматтарды чогултууга, мониторингге жана натыйжаларды баалоого аялдардын активдүү катышуусун камсыздоо;
- суу ресурстары чөйрөсүндө аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу жаатындагы маселелер боюнча иш алып барган жергиликтүү жана эл аралык БӨУлар менен өз ара аракеттешүүнү камсыздоо.

Гендердик милдеттенмелерди аныктоо, албетте, ушул чөйрөдөгү талдоолордун жыйынтыктарынан келип чыгып, милдеттенмелер уюмдун конкреттүү милдеттерине жана иш чараларына ылайык келиши керек. Милдеттенмелер уюмдун ички өзгөчөлүктөрүн чагылдырууга жана анын жалпы иш-аракеттери менен бирге, гендердик чен-өлчөмгө ээ болгон конкреттүү долбоорлордун аспектилерин эске алышууга тийиш. Мисалы, жетекчи кызматтарда аялдардын саны жетишсиз болгондо, ошол кызматтарда аялдардын санын көбөйтүү боюнча уюм өзүнө милдеттенме алганы абзел. Уюмдун ишинин гендердик аспекттерин талдоо боюнча отчетко таянуу менен катышуучулар өз көз карашы боюнча эң маанилүү деп эсептеген милдеттенмелерин тандашат, ал эми инструктор аларга уюмдун бул чөйрөдөгү милдеттенмелеринин концепциясын түзүүгө жардам берет.



# 3-этап.
## Гендердик маселелер боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу

Экинчи этапта иштелип чыккан концепция – бул иш жүзүндө гендердик маселелерди чечүү үчүн көрүлчү чаралардын жыйындысы - ушул маселелерге олуттуу мамиле кылууга ниеттенүү жөнүндөгү коомдук билдирүү - болуп саналат. Суу ресурстарын башкаруу контекстинде мындай иш чаралардын комплекси уюмдун ички маданиятын жана программанын же долбоордун маданиятын да камтыйт.

Андан тышкары, чаралар кандайча жүзөгө ашырылышы керектиги көрсөтүлгөн гендердик маселелер боюнча иш-аракеттердин планы (ИП) болушу керек. Иш-аракеттер планын иштеп чыгууга кызматкерлерди тартканда, алардын ошол ишти аткаруучулардын көз карашы менен түшүнүүсүн, өздөрүн ошол иштин бир бөлүгү катары сезүүсүн (сопричастность) калыптандырат. Иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу боюнча бул колдонмо маалымдама мүнөзүндө гана берилди, ал эми уюмдар материалды өз милдеттерине жана шарттарына ылайык адаптациялап алышы керек.

### Уюмдун жетекчилигинин катышуусу

Иш-аракеттер планын иштеп чыгуу процессине катышуу үчүн уюмдун жетекчилиги олуттуу ниеттерин көрсөтүп, бул ишке башчылык кылганы абдан маанилүү. Планды ишке ашырууга жетиштүү каражат бөлүнүүсү үчүн уюмдун жетекчилиги гана уюмдун бардык ишине катышууга чакырып, иш-аракеттер планын жана бюджетин координациялоону камсыз кыла алат.

### Жумушчу топ

Уюмда түзүлгөн өздөрүнүн алдында турган милдеттерди жакшы түшүнгөн жана ишти аткаруунун мөөнөттөрү жөнүндө так маалыматы бар жумушчу топ уюмда болгон бардык программалардын жана деңгээлдердин өкүлчүлүктөрүн камсыз кылуу аркылуу иш чаралардын планын иштеп чыгат.

### Өнөктөштөр менен кеңешүү

Учурдагы кырдаалга жана муктаждыктарга жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгын даярдап, жумушчу топ мамлекеттик жана жарандык коомдогу негизги өнөктөштөр, ошондой эле башка уюмдар менен консультациялык жолугушууларды баштайт. Тышкы өнөктөштөр менен кеңешүү мүмкүн болбосо, жумушчу топ негизги мамлекеттик программаларды жана стратегиялык документтерди изилдесе болот.

### Пландын долбоору

Жумушчу топ курамына төмөнкүлөрдү камтыган иш-аракеттер планынын долбоорун даярдайт:

- долбоордун же программанын алкагында гендердик маселелерди чечүү үчүн жүргүзүлгөн иш;
- гендердик маселелерди чечүү жана аялдар менен эркектердин пайдасына көрүнүктүү натыйжаларды, айрыкча мындай проблемалар өзгөчө курч турган калктуу пункттарда камсыздап берүү үчүн долбоорго же программага киргизилген максаттуу көрсөткүчтөр жана конструктивдүү өзгөчөлүктөр;
- мындай кнструктивдүү элементтерди киргизүүнү камсыз кылуучу механизмдер;
- гендердик проблематиканы эске алган иштин натыйжасына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча көрсөткүчтөр.

Эгер тышкы иш чаралар пландаштырылса, анда иш-аракеттер планын максималдуу даражада камтууну камсыздоо үчүн коомчулук менен байланыш планы тиркелет.

### Планды даярдоо

Иш-аракеттер планын даярдоо - долбоорду талкуулоо үчүн жумушчу топ бир нече рounddук жолугушууларды, аны аяктоо үчүн уюмдун ичинде кошумча консультацияларды да өткөрүшү керек. Квалификациялуу кесипкөй инструктор мындай семинарларды уюштурууга жана өткөрүүгө жардам берет. Төмөндө гендердик иш-аракеттер планынын үлгүсү келтирилген.

## Гендердик маселелер боюнча иш-аракеттер планынын болжолдуу үлгүсү

Эскертүү: Уюмдун конкреттүү муктаждыктарына ылайык мында көрсөтүлгөн үлгүгө өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

### Уюмдун милдеттенмелери

**Суу ресурстарын пайдалануу тармагында уюм өзүнүн мойнуна ала алчу милдеттенмелердин мисалдары:**

- уюмдун жетекчилигинде аялдардын санын көбөйтүү;
- үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын эске алуу менен эмгек шарттарын жакшыртуу;
- региондогу чыр-чатактардын алдын алуу үчүн трансчекаралык суу ресурстарын башкарууга жергиликтүү калктын, анын ичинде аялдардын, катышуусун кеңейтүү;
- аялдар менен эркектердин өзгөчө керектөөлөрүн эске алуу менен сугаруу жана тиричилик муктаждыктарына керектөө үчүн суунун алгылыктуу баада жыл бою жеткиликтүү болушун камсыздоо/жакшыртуу.

**Күтүлгөн жыйынтыктарды жана/же практикалык натыйжаларды түзүүнүн мисалы**

Пландын аткарылышынын натыйжасында, уюмдун да, долбоорлордун да алкагында аялдардын потенциалын өнүктүрүүгө багытталган иш чаралардын, ошондой эле аялдардын муктаждыктарын канааттандыруу жана үй чарбаларында жайгашкан бак-дарактарды сугаруу үчүн суунун жеткиликтүүлүгүн өзгөртүүнүн эсебинен, аялдар жетектеген ишкердиктин же аларга таандык болгон айыл чарба ишканаларынын [болжолдуу сан же пайыз] мүмкүнчүлүктөрү кеңейет.

**Жыйынтыктар** көрүлгөн чаралардын натыйжасында пайда болгон өнүгүү шарттарында күтүлгөн өзгөрүүлөрдү сүреттөйт. Алар мекемелердин ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүүлөр менен байланышта болушу мүмкүн.[34]

**Практикалык натыйжалар** – бул программа тарабынан өндүрүлгөн конкреттүү товарлар жана кызматтар.

Уюмдун өнүктүрүү ишинин алкагында жүзөгө ашырылган иш чараларды аткаруунун эсебинен жетишилген практикалык натыйжалар жеке адамдардын же мекемелердин көндүмдөрүндөгү, жөндөмдөрүндөгү же мүмкүнчүлүктөрүндөгү өзгөрүүлөрдү да көрсөтө алат.[35]

Көпчүлүк учурларда, практикалык натыйжалар уюмдун өзүнүн ишмердүүлүгүнө да, тышкы долбоорлорго да байланыштуу болот. Мындай учурларда күтүлгөн практикалык натыйжаларды өзүнчө формулировкалоо зарыл, андан кийин аялдар жана эркектер үчүн өз-өзүнчө тиешелүү иш чаралардын тизмесин, адамдын жынысына тийиштүү маселелерди эсепке алуу боюнча иштин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн, максаттуу көрсөткүчтөрүн, мөөнөттөрүн жана жооптуу адамдарды белгилөө керек.

### Иш-аракеттер – бул уюм жүзөгө ашыра турган конкреттүү иш чаралардын тизмеси, мисалы:

- орто звенодогу аял-жетекчилерге башкаруу көндүмдөрүн үйрөтүү боюнча семинар;
- айыл жеринде же үй чарбаларында суу алуучу пункттарды түзүү;
- фермер аялдарды жана өкмөт өкүлдөрүн бириктирүүчү тармак түзүү.

### Жыйынтыктарды баалоо жана конкреттүү милдеттер үчүн көрсөткүчтөр (төмөндөгү 4-этапты кара)

### Мөөнөтү

Планда уюм ар бир милдетти аткарууга жана ар бир көрсөткүчкө жетүүгө ниеттенип жаткан мөөнөт көрсөтүлөт.

### Жоопкерчилик

Планда ар бир милдетти аткаруу жана ар бир көрсөткүчкө жетүү үчүн жооптуу адам аныкталат.

### Бюджет (төмөндөгү 5-этапты кара)

Планда болжолдуу чыгымдар камтылат.

Жашыл климаттык фонддун материалдарына ылайык, өзгөрүүлөр киргизилген[36]

[34] Angela Bester, Results-Based Management in the United Nations Development System (United Nations Department of Economic and Social Affairs, 2016), бет iii

[35] Жогорку шилтемени кара

[36] GCF, Gender Analysis/Assessment and Gender and Social Inclusion Action Plan Templates. (GCF, 2018), 5—6-бет



# 4-этап.
## Көрсөткүчтөрдүн топтомун иштеп чыгуу

Иш-аракеттер планында аныкталган максаттар же милдеттер көрсөткүчтөрдү аныктоо үчүн негиз катары кызмат кылышат. Алдыга коюлган максаттарга жетүүдөгү прогрессти көзөмөлдөө үчүн колдонула турган көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу – бул долбоордун баалоо жаатындагы маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал эми көрсөткүчтөрдүн жакшы топтому жетекчилерге, кызыкдар тараптарга, финансылык жардам көрсөткөн уюмдарга жана калкка долбоордун гендердик проблемалар менен байланышкан маселелерди канчалык ийгиликтүү жолдо чечип жатканын билдире алат.

Суу ресурстарын башкаруу тармагында гендердик саясатты иштеп чыгууда билгичтик менен түзүлгөн башка саясаттагыдай эле, ал саясаттын пайдасын көрө турган калктын демографиялык түзүмү эске алынат, бирок эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу жаатындагы саясат эркектерге жана аялдарга тиешелүү сандык маалыматтарды өзүнчө эсепке алат. Жынысы, жаш курагы жана социалдык-экономикалык абалы боюнча маалыматтарды өзүнчө бөлүштүрүп чогултуу кайсы топтор эң көп даражада тигил же бул конкреттүү көйгөй боюнча жабыр тартканын билүүгө мүмкүндүк түзөт жана конкреттүү муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш-аракеттерди, программаларды жана чараларды тандоого жардам берет. Деталдуу түрдө өз-өзүнчө бөлүнгөн маалыматтарды колдонуу кээ бир көрсөткүчтөр үчүн өзгөчө пайдалуу болушу мүмкүн.

Көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуунун популярдуу ыкмаларынын бири – бул критерийлерден баштоо; ага ылайык көрсөткүчтөр конкреттүү, өлчөнүүчү, жетүүгө мүмкүн, актуалдуу жана убакыт менен чектелген болушу керек (SMART көрсөткүчтөрү деп аталат). Бул критерийлер жаңы көрсөткүчтөрдү иштеп чыгууда же эскилерин кайра карап чыгууда пайдалуу.

### SMART көрсөткүчтөрү

**Конкреттүү** көрсөткүч өлчөнө турган нерсени так сүрөттөп бериши керек жана бир эле учурда бир нече параметрди камтышы мүмкүн эмес.

**Өлчөнүүчү (ченөөгө мүмкүн болгон)** көрсөткүч ким колдонуп жатканына карабастан, салыштырыла турган натыйжалар бирдей шарттарда алынууга жана байкоо жүргүзүлүүгө тийиш.

**Жетүүгө мүмкүн** болгон көрсөткүч боюнча маалыматтарды чогултуу жөнөкөй, түшүнүктүү жана арзан болушу керек.

**Актуалдуу** көрсөткүч ар бир тиешелүү иш-аракет, натыйжа же жыйынтык менен тыгыз байланышта болушу зарыл.

**Убакыт менен чектелген** көрсөткүч убакыт менен байланыштырылышы керек.

Суу чарбачылык тармагындагы долбоорлордо гендердик факторлорду эсепке алууда колдонулчу SMART-көрсөткүчтөр өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- жетекчилик орундарындагы аялдар менен эркектердин санынын үлүшү;
- чечим кабыл алууга катышкан аялдар менен эркектердин санынын үлүшү;
- сугат суусуна жетүү мүмкүнчүлүгү бар аялдар менен эркектердин санынын үлүшү.

Эгерде уюм жүргүзгөн талдоодо аялдар жетекчилик кызмат орундарында жана чечимдерди кабыл алуу процессинде жетишсиз санда болгонун аныктаса, анан уюм өзүнө тең өкүлчүлүктү камсыз кылуу милдеттенмесин алып, андан кийин аны белгилүү бир мөөнөткө эсептелген планга киргизсе, анда жогоруда аталган көрсөткүчтөр колдонулушу мүмкүн.

Азия өнүктүрүү банкы[37] аялдар менен эркектердин ортосундагы теңчиликти камсыз кылуу боюнча иш-аракеттер планын долбоорлорду уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча колдонмолорго киргизет; ал эми аялдар менен эркектердин ортосундагы теңдикти чагылдырган көрсөткүчтөрүн тандап алуу үчүн банк тарабынан иштелип чыккан рекомендациялардын топтомунда көрсөткүчтөр конкреттүү түрдө эмнени өлчөшү керектиги боюнча кеңештер берилген.

- Аялдар, эркектер, балдар жана кыздар үчүн катышуу даражасындагы, алган пайдасындагы, натыйжаларындагы жана тийгизген таасирлериндеги айырмачылыктар:
  - жетекчи кызматтарда иштеген аялдардын санынын үлүшү;
  - сугат суусуна жетүү мүмкүнчүлүгү бар аялдардын саны;
  - аялдар жетектеген компаниялар тарабынан контролдонуучу рыноктун көлөмүнүн үлүшү.
- Эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилелердин өзгөрүшү (оң же терс), башкача айтканда, эркектер менен аялдардын ортосундагы жана кыздар менен балдардын ортосундагы тең укуктуулукту камсыздоо жагына же теңсиздикке карай өзгөрүүлөр:
  - чечимдерди кабыл алууга катышкан аялдардын санынын көбөйүүсү;
  - финансы ресурстарына жетүүдө эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти кыскартуу;
  - тигил же бул уюмдун долбоорлорунун бюджетин гендердик факторлорду эсепке алуу менен түзүү практикасын кеңейтүү.
- Бул өзгөрүүлөр өнүгүү максаттарына, атап айтканда, экономикалык өсүшкө, жакырчылыкты кыскартууга жана туруктуу өнүгүүгө кандай таасир этет:
  - Айыл чарба жерлерине менчик укугу бар же укугу берилген бардык айыл калкынын (эркектер жана аялдар үчүн өзүнчө ажыратылып көрсөтүлгөн) саны;
  - жер укуктарынын түрлөрү боюнча өзүнчө көрсөтүлгөн айыл чарба жерлеринин менчик ээлеринин же укук ээлеринин арасындагы аялдардын санынын үлүшү.

Бул рекомендациялардын топтому[38] аялдар менен эркектердин ортосундагы гендердик теңчиликтин көрсөткүчтөрүн тандоодо жетекчиликке алынууга тийиш болгон суроолордун тизмесин камтыйт:

- Кызыкдар тараптар эркектер менен аялдарга тийиштүү маалыматтарды өз-өзүнчө ажыратып чогултуу, ошондой эле социалдык жана гендердик мүнөздөмөлөрдү талдоо эмне үчүн маанилүү экенин түшүнөбү?
- Катышуучулардын жана ишке ашыруучулардын гендердик тийиштүүлүгүнө жараша өз-өзүнчө бөлүштүрүлгөн маалыматты чогултуу жана талдоо боюнча мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү керекпи?
- Маалымат ким үчүн арналган? Катышуучулар анын кантип колдонулаарын түшүнөбү жана алардын муктаждыктарына жооп береби?
- Көрсөткүчтөрдү колдонуу жана түшүнүү канчалык оңой? Учурдагы жергиликтүү тармактык байланыш түйүндөрдү колдонуу менен маалыматты оңой чогултууга болобу?
- Көрсөткүчтөр катышуучуларга жаңы отчеттук милдеттенмелерди жүктөйбү же учурдагы милдеттенмелер менен шайкеш келеби?
- Чогултулган маалымат аялдар үчүн да, эркектер үчүн да өнүгүү максаттарына жеткен-жетпегендигин жана аялдар менен эркектер, балдар менен кыздар тарабынан жетишилген оң натыйжаларын ортосунда олуттуу айырмачылыктардын бар-жоктугун көрсөтөбү?
- Көрсөткүчтөр эркек менен аялдын ортосундагы теңдик жаатындагы жыйынтыгы боюнча сандык баа, мисалы, практикалык пайдаларга, жыйынтыктарга жана натыйжаларга жетишүүгө жардам береби?
- Көрсөткүчтөр убакыттын өтүшү менен эркектердин жана аялдардын ортосундагы мамилелердеги өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды сандык көрсөткүчтөр аркылуу баалоого, ошондой эле бул өзгөрүүлөрдүн жана тенденциялардын себептерин аныктоого жардам береби?
- Маалыматты чогултуу үчүн сандык жана сапаттык ыкмалар колдонулабы?
- Көрсөткүчтөрдү түзүү үчүн социалдык жана гендердик талдоо колдонулганбы?
- Тандалган көрсөткүчтөр эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти жоюуга багытталган чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана алардын ортосундагы тең укуктуулукту өнүктүрүү үчүн маалымат булагы болуп кызмат кылабы?

Тиркемеде гендердик теңчилик боюнча иш-аракеттер планы менен бирге колдонулушу мүмкүн болгон көрсөткүчтөрдүн онлайн булактарына шилтемелердин тизмеси келтирилген.

[37] ADB, Tool Kit on Gender Equality Results and Indicators. (Asian Development Bank, 2018), 6-бет

[38] Жогорку шилтемени кара



# 5-этап.
## Бюджетти жана отчетту даярдоо системасын түзүү

Долбоордун бюджеттери уюмдарга суу программаларын ишке ашырууда, аялдар менен эркектер үчүн бирдей оң натыйжаларын кепилдөөчү каражат катары кызмат кыла алат. Бюджеттер табияты боюнча гендердик жактан нейтралдуу куралдар эмес, ошондуктан иштин ар кандай түрлөрүнүн ортосунда финансы ресурстарынын бирдей эмес бөлүштүрүлүшүнө алып келип, акырында, адамдын жынысы менен байланышкан факторлорду эсепке алуу боюнча милдеттенмелерди аткарууга жолтоо болушу мүмкүн.

Гендердик факторлорду эсепке алуу менен бюджетти түзүү боюнча өз концепциясын сыпаттоодо, “БУУ-Аялдар” мындай бюджеттик саясаттын мааниси аялдар үчүн өзүнчө бюджеттерди түзүү эмес, же аялдар үчүн программаларга чыгымдарды көбөйтүү гана эмес экенин өзгөчө баса белгилейт.

Тескерисинче, гендердик факторлорду эске алуу менен бюджетти түзүү мамлекеттик ресурстарды чогултуу жана бөлүштүрүү эффективдүү жолдо ишке ашырылуусуна, эркек менен аялдын ортосундагы теңчиликке жетишүүгө жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөшүүнү камсыз кылуусуна багытталган. Ал аялдардын укуктарын илгерилетүүгө жардам берген саясатты ишке ашырууга жана мыйзамдардын аткарылышы боюнча натыйжалуу чараларды аныктоого мүмкүндүк түзө турган терең анализге негизделиши керек. Ал эркектер менен аялдардын, ошондой эле балдар менен кыздардын муктаждыктарын жана алардын кирешелерге, чыгашаларга жана каржылоого болгон ар кандай салымдарын баалоого мүмкүнчүлүк берет жана бул топтордун бардыгына пайда алып келүү үчүн бюджеттик саясатка оңдоолорду киргизүүнү талап кылат[39].

Бюджетти түзүүгө карата мындай мамиле уюмдун деңгээлинде да колдонулушу мүмкүн.

[39] UN Women, Gender Responsive Budgeting

# Кыскартуулар

| | |
|---|---|
| **АКШ ЭАӨА** | АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги |
| **АӨБ** | Азия өнүктүрүү банкы |
| **БӨУ** | Бей өкмөттүк уюм |
| **БУУ** | Бириккен Улуттар Уюму |
| **БУУ АУЖКБ** | БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын башкармалыгы |
| **БУУ ЕЭК** | Бириккен Улуттар уюмунун Европалык экономикалык комиссиясы |
| **ДССУ** | Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму |
| **ЕККУ** | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| **ЕРӨБ** | Европалык реконструкция жана өнүктүрүүбанкы |
| **ЖКФ** | Жашыл климаттык фонд |
| **ИП** | Гендердик маселелерди эсепке алуу боюнча иш-аракеттердин планы |
| **КИФ** | Климаттык инвестициялык фонд |
| **СКА** | Суу керектөөчүлөр ассоциациясы |
| **СПА** | Суу пайдалануучур ассоциациясы |
| **СРКБ** | Суу ресурстарын комплекстүү башкаруу |
| **ЭКӨУ** | Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму |
| **ЮНЕП** | Бириккен Улуттар Уюмунун айлана-чөйрө боюнча программасы |
| **ЮНИСЕФ** | Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду |
| **CGIAR** | Эл аралык айыл чарбалык изилдөөлөр боюнча консультативдик топ |
| **EIGE** | Гендердик теңчилик боюнча Европа институту |
| **PPCR** | Климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу боюнча пилоттук программа |
| **WECF** | Европалык аялдар жалпы келечек үчүн |

# Колдонулган адабияттар


Asian Development Bank. “Women, Water and Leadership.” *ADB Briefs* (2014). Accessed on January 29, 2020. https://www.womenforwater.org/uploads/7/7/5/1/77516286/2016_adb_women-water-and-leadership.pdf

Asian Development Bank. “Tool Kit on Gender Equality Results and Indicators.” *Asian Development Bank* (2018). Accessed on January 29, 2020. https://www.adb.org/sites/default/files/institutional-document/34063/files/tool-kit-gender-equality-results-indicators.pdf

Bester, Angela. “Results-Based Management in the United Nations Development System.” *United Nations Department of Economic and Social Affairs* (2016). Accessed on January 29, 2020. https://www.un.org/en/ecosoc/qcpr/pdf/sgr2016-studies-rbm-8jan2016.pdf

Duban, Elisabeth. “Tajikistan: Country Gender Assessment.” *Asian Development Bank* (2016). Accessed on January 29, 2020. https://www.adb.org/sites/default/files/institutional-document/185615/tajikistan-cga.pdf

European Bank for Reconstruction and Development. “How private sector investment can support gender-responsive, climate-resilient development in Tajikistan: Guidance Note.” Gender Guidance Note (2019). Accessed on January 29, 2020. https://www.climateinvestmentfunds.org/sites/cif_enc/files/knowledge-documents/gender_guidance_note_web_september2019final.pdf

European Institute for Gender Equality. “Gender Blindness.” Accessed on January 29, 2020. https://eige.europa.eu/thesaurus/terms/1157

European Institute for Gender Equality. “Gender Neutral.” Accessed on January 29, 2020. https://eige.europa.eu/thesaurus/terms/1190

European Institute for Gender Equality. “What is gender mainstreaming?” Accessed on January 29, 2020. https://eige.europa.eu/gender-mainstreaming/what-is-gender-mainstreaming

Global Water Partnership. “Integrated water resources management in Central Asia: The challenges of managing large transboundary rivers.” *Global Water Partnership* (2014). Accessed on January 29, 2020. https://www.gwp.org/globalassets/global/toolbox/publications/technical-focus-papers/05-integrated-water-resources-management-in-central-asia.pdf

Green Climate Fund. “Gender Analysis/Assessment and Gender and Social Inclusion Action Plan Templates.” GCF (2018). Accessed on January 29, 2020. https://www.greenclimate.fund/documents/20182/574712/Form_09_-_Gender_Assessment_and_Action_Plan_Template.pdf/3f4b8173-fbb2-4bc7-9bff-92f82dadd5c0

Lefore, N., Weight, E. and Mukhamedova, N. “Improving Gender Equity in Irrigation: Application of a Tool to Promote Learning and Performance in Malawi and Uzbekistan.” *R4D Learning Series* (2017). Accessed on January 29, 2020. http://www.iwmi.cgiar.org/Publications/wle/r4d/wle_research_for_development-learning_series-6.pdf

March, C., Smyth, I. and Mukhopadhyay, M. “A Guide to Gender-Analysis Frameworks.” OXFAM (1999). Accessed on January 29, 2020. http://policy-practice.oxfam.org.uk/publications/a-guide-to-gender-analysis-frameworks-115397

Organisation for Economic Co-operation and Development. “OECD Principles on Water Governance.” *Centre for Entrepreneurship, SMEs, Regions and Cities* (2015). Accessed on January 29, 2020. https://www.oecd.org/cfe/regional-policy/OECD-Principles-on-Water-Governance.pdf

Organisation for Economic Co-operation and Development. “Stakeholder Engagement for Inclusive Water Governance.” *OECD Studies on Water* (2015). Accessed on January 29, 2020. https://www.oecd.org/gov/stakeholder-engagement-for-inclusive-water-governance-9789264231122-en.htm

Organization for Security and Co-operation in Europe. “Aarhus Centres: Water resource management.” Accessed on January 29, 2020. https://aarhus.osce.org/activities/water-resources-management

Organization for Security and Co-operation in Europe. “Women, water and security. ” *Environmental activities, Gender equality* (2015). Accessed on January 29, 2020.

https://www.osce.org/secretariat/176671

Organization for Security and Co-operation in Europe, Gender mainstreaming in Aarhus Activities: A guideline for practitioners (OSCE Secretariat, OSG/Gender Section, 2012), p.15 Accessed on January 29, 2020. https://www.osce.org/gender/87675?download=true

The Office of the High Commissioner for Human Rights (UN Human Rights). "Women's Human Rights and Gender Equality." Accessed on January 29, 2020. https://www.ohchr.org/EN/Issues/Women/WRGS/Pages/WRGSIndex.aspx

The United Nations Children's Fund. "Gender Equality: Glossary of Terms and Concepts." *UNICEF Regional Office for South Asia* (2017). Accessed on January 29, 2020. https://www.unicef.org/rosa/media/1761/file/Gender%20glossary%20of%20terms%20and%20%20concepts%20.pdf

The United Nations Entity for Gender Equality and the Empowerment of Women (UN Women). "Gender Mainstreaming." Accessed on January 29, 2020. https://www.unwomen.org/en/how-we-work/un-system-coordination/gender-mainstreaming

The United Nations Entity for Gender Equality and the Empowerment of Women (UN Women). "Guidance Note: Gender Mainstreaming in Development Programming." The UN System Coordination Division of UN Women (2014). Accessed on April 29, 2020. https://www.unwomen.org/-/media/headquarters/attachments/sections/library/publications/2014/gender-mainstreaming-issuesbrief-en%20pdf.pdf?la=en&vs=747

United Nations Economic Commission for Europe & Organization for Security and Co-operation in Europe. "Project Report: Development off cooperation on the Chu and Talas Rivers." *Chu – Talas II* (2011). Accessed on January 29, 2020. https://www.unece.org/fileadmin/DAM/env/water/Chu-Talas/ChuTalas_II_Project_Report_Short_ENG.pdf

United Nations Environment Programme, United Nations Development Programme, Organization for Security and Co-operation in Europe, The North Atlantic Treaty Organization. "Environment and Security: Transforming risks into cooperation." *UNEP, UNDP, OSCE, NATO* (2005). Accessed on January 29, 2020. http://www.envsec.org/publications/ENVSEC.Transforming%20risks%20into%20cooperation.%20Central%20Asia.%20Ferghana-Osh-Khujand%20area_English.pdf

United Nations Environment Programme. "Global gender and Environment Outlook." *UN Environment* (2016). Accessed on January 29, 2020. http://wedocs.unep.org/bitstream/handle/20.500.11822/14764/GLOBAL%20GENDER%20AND%20ENVIRONMENT%20OUTLOOK.pdf?sequence=1&isAllowed=y

United Nations Water. "Gender-disaggregated Data on Water and Sanitation: Expert Group Meeting Report." *UN-Water Decade Programme on Capacity Development UNW-DPC* (2009). Accessed on January 29, 2020. https://www.unwater.org/publications/gender-disaggregated-data-water-sanitation-expert-group-meeting-report

United States Agency for International Development. "Monitoring Organizational Capacity Development Efforts." *Learning Lab* (2018). Accessed on January 29, 2020. https://usaidlearninglab.org/library/monitoring-organizational-capacity-development-efforts

W., E. "How taking gender into account can be good for a country's economy." The Economist (2017) Accessed on January 29, 2020. https://www.economist.com/the-economist-explains/2017/03/03/what-is-gender-budgeting

Women Engage for a Common Future International. "The gender impact assessment and monitoring tool." *Women2030* (2018). Accessed on January 29, 2020. https://www.women2030.org/wp-content/uploads/2019/01/FINAL-GIM-Tool-Jan-19.pdf

World Health Organization. "Integrating gender into HIV/AIDS programmes in the health sector: Tool to improve responsiveness to women's needs." *WHO press* (2009), Accessed on January 29, 2020. https://apps.who.int/iris/bitstream/handle/10665/43980/9789241597197_eng.pdf;jsessionid=6B6E599B1A6D6660B3BC5B4FDCDA5441?sequence=1

# Тиркеме:
## Уюмдун гендердик аспектилерин талдоо боюнча материалдар

### Гендердик маселелерди талдоо боюнча таблица

| | **Эмгек** Ким эмне аткарат? | | **Убакыт** Канча убакыт жана эмнеге жумшалат? | | **Ресурстар** Ким мүмкүнчүлүккө ээ жана ким контролдойт? | | **Маданият** Маданият мүмкүнчүлүккө жетүүгө жана контролдоого кандай таасир этет? | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Деңгээл** | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар |
| **Үй чарбасы** | | | | | | | | |
| **Калктуу конуш** | | | | | | | | |
| **СПА** | | | | | | | | |
| **Бассейндик ассоциация** | | | | | | | | |

Oxfam (1999) A Guide to Gender-Analysis Frameworks.[40]

Таблица жөнөкөй жалпы шаблон болуп саналат. Көбүрөөк мисалдарды төмөндө келтирилген шилтемелерден тапса болот.

### Гендердик талдоо үчүн башка материалдарга пайдалуу шилтемелер

World Bank Toolkit for Mainstreaming Gender in Water Operations (2016)
https://www.climateinvestmentfunds.org/sites/cif_enc/files/genderinwater_07_040416_web.pdf

OECD GENDERNET Practice Notes
https://www.oecd.org/dac/gender-development/44843807.pdf

World Health Organization Gender Assessment Tool
https://www.who.int/gender/mainstreaming/GMH_Participant_GenderAssessmentTool.pdf

**Көрсөткүчтөрдүн мисалдары**

- UNESCO Overview of resources on gender-sensitive data related to water (2015)
  http://www.unesco.org/new/fileadmin/MULTIMEDIA/HQ/SC/pdf/Overview_of_resources_on_gender_sensitive_data_related_t_01.pdf
- UNESCO Sex-disaggregated indicators for water assessment, monitoring and reporting (2015)
  https://unfccc.int/files/gender_and_climate_change/application/pdf/234082e.pdf
- OECD Gender Indicators: What, Why and How?
  http://www.oecd.org/dac/gender-development/43041409.pdf
- OSCE Project Management in the OSCE (2010)
  https://www.osce.org/secretariat/70693?download=true
- Compass
  https://www.thecompassforsbc.org/how-to-guides/how-develop-indicators

[40] C. March, I. Smyth and M. Mukhopadhyay, A Guide to Gender-Analysis Frameworks. (Oxfam, 1999)

Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ) суу ресурстарын комплекстүү башкаруу боюнча окуу курстарын уюштуруу, суу пайдалануучулар ассоциациясын жана дарыя бассейнинин кеңештерин колдоо аркылуу суу ресурстарын туруктуу негизде башкарууга, ошондой эле сууну пайдалануу практикасында гендердик теңчилик принцибин жайылтууга көмөк көрсөтөт. Суу ресурстарын башкаруу ЕККУ камтыган региондо жана анын чегинен тышкаркы аймакта коопсуздукту жана стабилдүүлүктү камсыз кылуу үчүн чечүүчү мааниге ээ, мындай башкаруу мамлекеттердин ортосундагы кызматташтык аркылуу гана ийгиликтүү жолдо ишке ашырылышы мүмкүн. Суу ресурстарын башкарууда көп секторлордун жана көп кызыкдар тараптардын ортосундагы иштерди координациялоо үчүн негиз түзүлүшү керек; бул ишке мамлекеттер гана эмес, жарандык коом, жеке компаниялар жана жергиликтүү калк да активдүү катышуусу керек.

Суу ресурстарын алда канча адилеттүү жана натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу үчүн суу саясатынын эркектер менен аялдардын абалына тийгизген таасирин жана суу ресурстарына тиешелүү маселелерди чечүү жаатындагы зор потенциалды эске алуунун натыйжасында, ЕККУ өзүнүн суу ресурстарын башкаруу жана суу дипломатиясына байланыштуу ишмердүүлүгүндө гендердик теңчилик аспектилерин киргизүүгө көмөктөшүүгө умтулат.

ЕККУ региондогу суу чарба тармагынын кызматкерлерине жардам берүү үчүн Борбордук Азиядагы суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу/башкаруу практикасында гендердик факторлорду эсепке алуу боюнча колуңуздагы колдонмону иштеп чыкты. Суу ресурстарын пайдаланууда гендердик аспектилерди киргизүү туруктуулукту жана коопсуздукту камсыздайт, анткени ал иштин таасирдүүлүгүн жакшыртат жана социалдык дисбаланс менен чыңалууларды кыскартууга жардам берет. Аялдар да, эркектер да сууну кантип колдонуу керектигин бирдей даражада чечкенде, кабыл алынган чечимдер конкреттүү топтордун муктаждыктарын канааттандырууга көбүрөөк багытталат жана бүткүл калктын зарылчылыктарын жакшыраак жолдо эсепке алууга жардам берет.



Кыргызстан, Фергана өрөөнү
Орто Азия аркылуу өткөн ирригациялык жана дренаждык каналдардын лабиринтинде
© Каролин Дрейк/Магнум фотоз

Organization for Security and Co-operation in Europe

Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму

Wallnerstrasse 6
A-1010 Vienna, Austria
Tel.: +43 1 514 360

pm@osce.org
www.osce.org